

е ікіл
БКВ

Абдылда Белеков

Бүркүт шаңшыйт

ЫРЛАР
ЖАНА
ПОЭМАЛАР

«КЫРГЫЗСТАН»
БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1979

С (Кирг)2
Б 43

Белеков Абдылда

Б 43 Бүркүт шаңшыйт: Ырлар жана поэмалар. — Ф.: Кыргызстан. — 204 бет.

Белгилүү акын Абдылда Белековдун бул китебине ар кандай темада жазылган ырлары, бир канча поэмалары топтоштурулду.

С(Кирг)2

Б $\frac{733—14}{М\ 451(17)-79}$ 149—78

65762

Б-ка ОТЕКА
Ошского государственного
педагогического института
ИНВ № 50776/

7—3—3 © «Кыргызстан» басмасы, 1979

АКЫНДЫН АРЫМЫ

Аты кыргыздын кыйрына кеткен ири акындарыбыздын бири Абдылда Белеков элүү жаштын белесине поэзиянын бир топ жүгү менен келди. Ага мына ушул китептин өзү эле далил болот. Туура баа бериш үчүн акын-драматург Жалил Садыковдун ушул китеп жөнүндөгү жазган пикирине окурмандардын көңүлүн бурууну ылайык таптык: «Дегинкиси Абдылда балбан, эр жүрөк баатырлардын өмүрүнө кызыккан, аларды даңазалоону сүйгөн акындардан. Ал дастандарды жазса да, кыска ырларды жазса да бардыгын жоопкерчилик менен караган, негизи тубаса таланттардын бири. Мисалга «Көл жана мен» деген ырын эле алып көрөлүчү:

Мен чыктым Тескей тоосуна,
Көз салдым көлдүн коозуна.
Көтөрүлсө Ысык-Көл,
Толкуну дагы тоо тура.

Бир толкун болсо бу көлүм,
Миң толкун менин жүрөгүм.

Миң толкун болсо бу көлүм,
Миллион толкун жүрөгүм.

Көлдүн бир чагылышы, бир көрүнүшү эки куплет ырында ушундай сүрөттөлөт. Акындын жүрөгү көл кандай толкуса, андан миң эсе ашык толкуйт. Ал толкундар кайра кагаз бетине татынакай ыр болуп жазылат. Китепте мындай ырлар арбын. Алар баштан-аяк ушундай күчтүү сезимде жазылып, акындын жүрөк канынан жаралганы өзүнөн-өзү айкын болуп турат.

Абдылда Белековдун чыгармачылыгындагы бир мүнөздүү нерсени белгилебей өтүүгө болбойт. Анын поэмаларындагы (м: «Чолпонбай», «Тянь-Шандын жүрөгү», «Мостогой», «Ак буудай», «Ташбай» ж. б.) каармандар мекенин жандай сүйгөн, кайраттуу, адилет, чынчыл кишилер. Мына ушулардын бардыгы жүрүп отуруп акын күчкө толгон кезде ат көтөрүп ашуу ашкан алп Кожомкулду ыр менен роман жазууга алып келди. Бул чыгарма анын кийинки жылдардагы адабий чоң жеңиши болду десек жаңылышпайбыз. Кожомкул китеби 1976-жылы басмадан чыгаар замат колдон колго таркап кетти». Жалилдин сөзүнө кошо турганыбыз чындыгында эле Абдылда чоң күч жумшоо менен кыргыз элинин сыймыктуу алпынын өлгөн жанын тиргизип, өчкөн отун тамызды.

Абыкем азыр дагы баягыдай эле чындык деген сөздү эсинен чыгарбайт.

«Туу кылган тууралыкты ата салтым,
Чынчылдык чымырканып берген антым.
Дем белем ата деген Ала-Тоодой,
Шаңшыган аскасынан ала барчын.»—

дейт «Атама» деген ырында. Акындын колундагы курч куралы чындык. Ошол аскардагы шаңшыган ала барчын да Абдылданын өзү.

Акын кийинки жылдарда кулачын алыска сермегенин көрөбүз. Чилинин атактуу ырчысы, жалындуу патриот Виктор Хара жөнүндөгү поэма бир топ эргүү менен жазылган. «Бүркүт шаңшыйт» поэмасында Кубанын жолбашчысы Фидель Кастронун баатыр элеси бар. КПССтин XXV съездинде анын сүйлөгөн сөзүн кимдер гана кызыгуу менен окушпады.

«Ачык айтып, ак сүйлөгөн дурус,
Алыстан келди досторубуз.
Кремлден бүркүттөй шаңшыды,
Фидель Кастро Рус.»

Кастрого мындан ылайыктуу салыштыруу табыш кыйын. Асмандын алпы, баатырдыктын символу бүркүттүн шаңшыганы кандай шаңдуу!

Фиделдин сөзү аркылуу дүйнөнүн түркүгү Советтер Союзуна жана анын Лениндик партиясына жүрөктү толкундаткан адилет баа берилет. Фиделди сүрөттөө аркылуу Кубанын күрөшү баяндалат. Бул — поэма жазуунун Абдылдага гана тиешелүү жаңы ыкмасы.

«Карамолдо» поэмасы формасы болсун, мазмуну болсун өзүнчө бир манерага ээ. Абдылда Белеков төрөлгөн Корумду айлынан чыккан айтылуу Карамолдо, Каптагай, Орозакун, Чалагыздардын үзөнгү жолдошу Белек да бир топ сөзмөр киши эле. Алардын ыр-күүлөрү келечек акындын жүрөгүн козгоп, терең таасир кылганы поэмада даана. Кыйын кезеңдин ашуусун ашкан ак куу-

лар, жаңы түзүлүштүн деми акындарды обон салдырып, Карамолдонун күрдөөлдүү күүсүн чалдырат.

«Жөөсалар» көлөмдүү поэма. Ошондон улам Абдылданы эпик акын дегибиз келет. Бүркүттү, бүркүтчүнүн өнөрүн ушундан көрүп ал. Эр жүрөктүүлүк, кыргыздын кылым санаган жөнөкөй турмушу. Тукумдун уланышы, замандын оошу. Тагдырдын татаалдыгы, таалайдын жеңиши.

Ал азыр дагы бир дастандын үстүндө иштеп жаткан, дагы албан-албан чыгармаларды жарата турган көрөңгөлүү жана арымдуу акындардан.

Ошентип, Абдылда Белековдун «Бүркүт шаңшыйт» деген бул китебинин аты абдан туура коюлган. Бүркүт бекер шаңшыбайт эмеспи!

Жолдошбай АБДЫКАЛЫКОВ.

ЫРЛАР

ЛЕНИН ЖОЛУ

Ленин жолу ташка тамга баскан жол,
Эчен кыя белестерди ашкан жол.

(Жусуп)

Ленин жолу даңгыраган айкын жол.
Анда келет жер майышкан сансыз кол.
Жортуп желдей,
Жүрүп селдей,
Кургап тердей,
Бир толкуса токтоо бербес күч ошол.

Токтотом деп тороп чыккан көп болгон,
Өлүм таап, өзү чапкан чөп болгон.
Ал душмандар,
Аңдышкандар,
Кан кускандар,
Каргыш тийип, адамзатка жек болгон.

Ленин жолу ого бетер кеңиген,
Айкын болуп акыйкаттын деминен.
Улуу дастан,
Ук Жер, асман!
Ал жол ашкан,
Европанын, Азиянын чегинен.

Күрөш жолун жазган Маркс, Энгельс,
Кылган эмес кыял менен эрмек иш.
Таштап жанын,
Төгүп канын,
Кечип жалын,
Жолду салган Ленин иши — жеңген иш!

Ушул жолдо үмүттөрдүн ачкычы,
Ушул жолдо бийиктердин баскычы.
Агызып тер,
Азамат эр,
Ушул жолдо таба турган бактысы.

Ушул жолдо агарышы каранын,
Ушул жолдо айыгышы жаранын.
Айла таппай,
Жерге батпай,
Элге батпай,
Ушул жолдо бөлүнүшү аланын.

Ленин жолу — узун өмүр, көрөр күн,
Жолум болуп жол үстүндө төрөлдүм.
Мен солдаты,
Чоң мандаты,
Постудагы,
Көз ирмебей жол күзөткөн күнү-түн.

НАН

Келе кетмен—кулак байлап, суу жыгам,
Дыйкандардын жумушуна кызыгам.
Как талаадан укмуш эмей эмне,
Өсүп чыкса, өмүр берген улуу нан.

Келе күрөк, алтын буудай сапырам,
Күчкө келип, күндөй болуп ачылам.
Демди кыскан арам терден арылып,
Алкыш угуп, ачкыл ичем ташыган.

Бол айдагын, комбайнер жаш улан.
Кеткиң келбейт кыз-келиндин кашынан.
Кампа толуп, карк болушуп жумушчу эл,
Чоюн эрип, таш жарылтып катуудан.

Келе мешок, тегирменге ун салам,
Карын тойбой кайдан бийик үн салам.
Кырылышып, кырды бычак болушуп,
Ток болбосо жок болбойбу бул адам.

1974

КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Хан-Теңирдей чокулары көк тиреп,
Карт Нарындай дайралары зоо жиреп,
Ысык-Көлдөй тоо көлдөрү толкундап,
Каркырадай жайлоолору мелтиреп.
Кыйры чексиз алп тоолордун мекенин
Кыргыз эли кайдан алган энчилеп.

Абалтадан Манас баатыр, Эранак,
Ат ойнотуп жоо жүрөгүн жаралап,
Элин коргоп, жерин коргоп окко учкан
Эрегиште жанын коюп аманат.
Алакандай кыргыз калган кыргындан,
Эл башына эчен түшүп алаамат.

Сары өзөн Чүйдө салкын бактуу борборум,
Орус эли омок берген жан боорум.
Кыргыз колу жасап алып жаткан чак,
Кылымдагы болгондордун баржогун,
Көралышпай каргашалар сестенет,
Малчы кыргыз мартабалуу болгонун.

Элим бүгүн бүт дүйнөгө таанымал,
Жери бийик, жели салкын, бары бар.

Май көл, сүт көл орногон тоосунда,
Түздөрүндө түн кирбеген шаары бар.
Жүздөрүндө кызылы бар эл болот,
Жүрөгүндө намысы бар, ары бар.

1976

ЖАҢЫ ЖЫЛДА ЖААП КЕЛГЕН АППАК КАР

Жаңы жылда жаап келген аппак кар,
Бапактасаң бапак кийген кыштактар.
Тоо-токойлор ак тондорун жамынып,
Ток пейилдүү башын ийген бак-шактар.

Жаңы жылым жамандыктан качасың,
Жааган карым көңүлүмдү ачасың.
Касиеттүү кара жерди уктатып,
Камын көрүп унун элеп жатасың.

Ак сакалдуу чоң атадай аппак кар,
Аппак кардай алдыдагы максаттар.
Кумурскадай белди бекем курчанып,
Тоо томкорун таалай кенчин тапмак бар.

Көп адам бар көңүлүндө ала жок,
Аз адамда андай болор чама жок.
Пейли таза ачык айткан адамды,
Баатыр дегин жүрөгүндө кара жок.

Ак кар ошол — жакшы тилек кири жок,
Жаңы жылым жаш баладай тили жок.
Жаңы туулуп ак кар менен көз жарып,
Оозун ачып ак мамыгын оронот.

1976

ПАРТБИЛЕТ

Күрөш, талаш күндөрүндө такшалган,
Күйүп бышкан күчтүү колдо сакталган.
Аткан таңым,
Жүргөн каным — Партбилет,
Тагдыр жазып түшкөн эмес асмандан.

* * *

Элге чачкан эркиндиктин үрөнүн,
Тынбай курган тынчтыктын түнөгүн.
Умтулдурган улуу ишке ар дайым,
Партбилетим — бак-таалайым, жүрөгүм.

* * *

Энесиндей — баатырдыктын, эрдиктин,
Атасындай — акыйкаттын, тендиктин.
Өчпөс өмүр,
Батпас күнүм — Партбилет,
Көкөлөтүп көңүлүмдү эргиттиң.

* * *

Орун алып жүрөгүмө жашындың,
Ого бетер акын болуп ашындым.
Партбилетим касиети кир жукпас,
Ар-намыстын, абийирдин, акылдын

1974

ТАЗА БОЛСО

Эртең менен эрте туруп карасам,
Асман ачык, көңүл кирсиз балапан.
Январда шаңкайган тоо кадимки,
Өркөчтөрү көк тиреген ак атан.

Тоо үстүндө булут калкыйт үзүлгөн,
Жаратылыш кандай сонун түзүлгөн.
Алкагы алтын, бети күмүш күн чыгат,
Ай-ааламга ак шооласы жүгүргөн.

Көк булуттай көп көгүчкөн бир маалда,
Шатыр-шутур келип конду кырманга.
Кагажыктап ак пейилдүү куштардан,
Карк-карк этип уча качты бир карга.

Бүгүнкүдөй таза болсо аткан таң,
Так ушундай таза болсо бардык жан.
Уча качкан кара карга сыяктуу,
Караан үзсө арам ойлоор адамдан.

1974

АДАМ ДЕГЕН...

Адам деген өтө тоюң кетпесе,
Тойгон ашы ичин кайра теппесе.
Булуттанып эки көзүн чел каптап,
Өзүнө өзү уу үрөнүн сеппесе.

Чындыгында өзүнө адам кас эмес,
Акыл-эси башкалардан пас эмес.
Бирок, чиркин алдырарда жаздырып,
Ак жолунан адашкандар аз эмес.

Көзүн жарып жер үстүнө келген көп.
Буту басып жашай билген мерген көп.
Каниет кылбай олжосуна кабылган,
Калк энчисин кардай чача берген көп:

Мына ушулар ак жолунан жаңылган,
Уруп кетсин ушуларды чагылган.
Эртең эшек болоруна мен кепил,
Бүгүн арстан болсо дагы чамынган.

КӨЛ ЖАНА МЕН

Мен чыктым Тескей тоосуна,
Көз салдым көлдүн коозуна.
Көтөрүлсө Ысык-Көл
Толкуну дагы тоо тура.

Бир толкун болсо бу Көлүм
Миң толкун менин жүрөгүм.
Миң толкун болсо бу Көлүм,
Миллион толкун жүрөгүм.

НАРЫН ДАЙРА

Буркулдап зоону бузган Нарын дайра.
Бурам деп бул дайраны ойлош кайда.
Кыргызга кырк улуттан уулдар келип,
Толкуну Токтогулдун жетти айга.

Мен дагы тоо көлүндөй толкунданам,
Болтурат болбогонду бүгүн адам.
Балбандай ат көтөрүп, ашуу ашкан,
Элимдин эрк, күчүнө айран калам.

1977

УЛУУ ЧЕКИСТ ФЕЛИКС

Өлүмдөн коркпой,
Жалындап оттой,
Ажалга барган
Атылган октой.
Бороондой соккон
Боштондук үчүн,
Революция деп
Үрөгөн күчүн
Бурганак жүргөн
Бул кайсы чекист
Улуу чекист — Феликс.

Октябрь жеңишин
Кол курап коргогон,
Душмандын жолун
Туюктап коргогон,
Чекеге чыккан
Чыйкандай болуп,
Тап душман өлгөн
Тамыры соолуп.
Лениндин досу
Бул кайсы чекист?
Улуу чекист — Феликс.

Өзү өлсө да
Өрнөгү жашап,
Октябрь менен
Олборлуу басат.
Коюшкан ысмын
Койчулар тоолук,
Фрунзедеги
Бульварын атап.
Бул кайсы чекист?
Дзержинский Феликс.

1977

УРАБЫЗ БЕШ ЖЫЛДЫКТЫН ДОБУЛБАСЫН

Чөп куурап күн куйкалап, жамгыр жаабай,
Чөлдөгү бак-даректар жибек саамай.
Асмандан күн күркүрөп тамчы тамса,
Сезилди секунддары болуп таалай.
Бир гана чоң кетмендүү дыйкан алптан
Айбыкты каатчылык, жакын даабай.
Күн түндөп,
Күч үрөп,
Дыйкандан
Күн сүрдөп
Баш ийди кургакчылык кылтылдабай.

Билинбес суу кадыры быйылкыдай,
Кыздар да суу сугарды кызыл чырай.
Боюна Ысык-Көлдүн так ушинтип,
Ыргалып жер майышып чыкты буудай.
Урабыз беш жылдыктын добулбасын,
Жеңиштен жеңиш турсун изи суубай.
Тоолук калкым,
Кылып салтын,
Жыйнады мол,
Кызыл алтын,

Жүзү жаркын, жүрөктөрү кызыл туудай,
Түштүктө: Ош, Кара-Суу, Баткен жакта,
Үйүлдү кардуу тоодой калың пахта.
Жемиши жерге батпай Сары-Өзөн Чүй,
Бай кылган өлкөбүздү шекер, кантка.
Далысын терге чылап, бел чечпеген,
Ыракмат чор алакан азаматка.
Кереметтүү
Келин, кыздар,
Эрки жалын
Эрийт муздар,
Көзүнүн карасы окшош карагатка.

Көк тиреп аскалары Алай, Гүлчө,
Көп белем аңгемеси кулак түрсө.
Он алты уул, он алты кыз баш кошкондо,
Сүрдөптүр асмандагы үркөр үркө.
Мал багып мамлекеттин камын ойлоп,
Куулуптур куу чирендик бетке чиркөө.
Куу чирендик,
Куру намыс,
Сени кылат,
Элден алыс.
Булардан кутулбасаң кабак бүркөө.

Ушундай улук ишке чыйыр салган,
Угулат тыңшап турсаң Тянь-Шандан.
Жаңырып Ак-Сай, Арпа, Кара-Кужур,
Жалындап тоо жаштары топту жарган.
Атанын кыз-уландар «Эдельвейс»,
Эргиштеп Европага чейин барган.

Бул заман —
Гүл заман.
Ким жакшы,
Ким жаман?
Күтө албас гүл заманды күйпүл жаман.

Урабыз беш жылдыктын добулбасын,
Билебиз анын бекер согулбасын.
Умтулуп ишиң менен жер дүңгүрөт,
Уга элек укмуштардын доорундасың.
Алыстан Амур, Нарын үн алышып,
Жердешим, жеңиштердин жолундасың.
Баарын жеңет
Кайраттуулук
Кайрат менен
Кайра туулуп,
Орошон планыбыз орундасын.

1975

ЛЕНИНГРАД

Керегең кереметтүү каухар таштан,
Көктөгү ай, жылдызды көркүң баскан.
Ааламдын ата шаары Ленинград,
Чамаалап көк деңизди чалкып жаткан.

Бейиши, тозогу да күрөштөрдүн,
Кандырып суусу болгон каткан чөлдүн.
Өзүңсүң Ленинград, Ленинград,
Толкуну тоо койнунда Ысык-Көлдүн.

Туу кылып, тууган кылып Ленин шаары,
Эмнеге сени сүйөт элдин баары.
Өлбөстүн күнүн көрүп турган кезде,
Өзүңдөн табылганбы каалаганы.

Айтууга сөз да жетпес сени мактап,
Берүүгө сый да жетпес сыяпаттап.
Жарыкты сенден алып күндөн күчтүү,
Жакшы ыр жаза элекмин тузунду актап.

ЖОЛУҢАР ЖОК

Эй, АКШ,
Жойпуланбай жооп бер Вашингтон.
Президентпи,
Долларбы,
Анда ким чоң?
Силерде доллардан чоң эчтеке жок,
Аны менен ага-инидей Пентагон.
Өмгек этип эгин эгип,
Белин бүгүп, терин төгүп,
Кара жандын камын көрүп,
Жаткан кезде адамзат миң миллион,
Пентагондун чыгарганы «Нейтрон».
Ал жарылса
Аман калат имарат,
Тоолор калат,
Таштар калат, үй калат.

Белек кылып келечекке аларды,
Өлөт экен өчкөн оттой тирүү зат.
Силер тапкан гумандуулук ушубу,
Мына АКШ, силер тапкан саясат.

Ук, АКШ,
Жолуңар жок укпоочу.

Уккун сенат
Пентагонду нускоочу.
Жер бетинде
Адам уулу мөмөлөп,
Өнүп өсөт,
Өз эркинче көгөрөт,
Бек болсун деп,
Бейпил күндүн куш боосу.

1977

ЭЛДИ СҮЙ

Эл менен бол,
Элде жаша,
Элден үйрөн,
Элди сүй.

Кызмат кыл дейт ошого.
Эне-атабыз,
Эл эмей ким,
Көзүңдү ачып,
Жарык берген жашоого.
Кулдук ургун
Тууган элге,
Кутурбагын
Куру желге,
Аламандап,
Акпа селге,
Айланбагын макоого.

АРАФАТ

Жериңе Арафат,
Жээк салып таң атат.
Силердин талапты
Адамзат талашат.

Кылыгы душмандын
Кыжырды кайнатат.
Тил жетпей айтууга
Тиштерди кайратат.

Аралдын нефтиси,
Анда көп чет киши.
Өлсө өлөт, тыйылбайт,
Бузулган напсиси.

Эр жүрөк Арафат,
Кол баштап баратат.
Палестинага
Жолборстор жол ачат.

1977

МОХАММЕД АЛИ

Ким койсо да жакшы койгон атыңды,
Кылган ишиң кылым үчүн татымдуу.
Дүңк эттирип сокмокторуң дүйнөнү,
Толкундатат мендей тоолук акынды.
Техниканын дооруна ырахмат
Телевизор алыс кылды жакынды.

Али! Али! Бали! Дешти жаш-кары,
Ашкан балбан азыр ушул таптагы.
Вьетнамга барбай койдуң мылтыкчан
Болгон кезде кандуу согуш аптабы.
Адамзатты кубандырып жоругуң,
АКШнын чыккан эле акмагы.

Тынчтык менен эрдик сенин чабуулуң,
Бул бактысы булчуң менен каруунун.
Эң ардактуу мейман кылып чакырган,
Москва куштайт майышпаган эл уулун.
Жүрөгүңө терең катып ала кет
Жүрөктөрдүн жакшы тилек жалынын.

Кабарчылар кайкы суроо бергенде,
Кан кайнатып, сага кезек келгенде,

Тайманбастан таш катырдың далайын,
Сасык оюн салбай таап рентгенге.
Бозорушуп жеңишиңе чеги жок
Болуп турган кезектеги шерменде.

Чоң колдордун чоюн алпы шер Али,
Бул учурда айткым келди мен аны
АКШда негр эли толкундап,
Азыр дагы жүрөктөрү жаралуу.
Тайманбаган эр жигити тынчтыктын,
Тартыптырсың Поль Робсон агаңы.

1978

Али — Мурунку аты Кассиус Клей, 1978-жылы сентябрда бокс боюнча дүйнөнүн үчүнчү жолку титулун жеңип алды.

КЫЗ КЫЯЛЫ

Кыз кыялы кымбат жаздын түсүндөй,
Кыз кыялы жердин шары бүтүндөй.
Кыз кыялы жеңил-желпи дебегин,
Кыял жеткис кереметин түшүнбөй.

Кыз кыялы энелердин ак сүтү,
Ар намыстуу, ак дайрадан көп күчү.
Ак шумкардын кош канаты кыз деген,
Булбул тилдүү, бул дүйнөнүн көрктүүсү.

1973

ПЛАНЕТА МЕН ӨЗҮМ

Өзү чөлдө болсо да,
Көзү көлдө баканын.
Өзүм жерде болсом да,
Айды карап жатамын.

Ашыкпаймын айга мен,
Ай деген көп ырларым.
Планета мен өзүм,
Ачыла элек сырларым.

Ошон үчүн өзүмдөн,
Кен табайын керемет.
Көз жумулуп, жер чукуп,
Көмө электе тебелеп.

ОКУЙМУН

Окуймун газет, журнал кээде күн-түн.
Чындыгын чыр дүйнөнүн билиш үчүн.
Аны кой, оокат кылсаң боло дейсиң,
Алганым, ал сөзүңдүн түбүн түшүн.

Укпасак укмуштарын улуу жердин,
Түйшүгүн түшүнбөсөк түркүн элдин,
Ийнине кирип чыккан чычкан болсок,
Актаган адам атын кайсы белгим.

Чын болсо сен айтканың оокат кыл деп,
Чыңданып, чымырканып окуш милдет.
Чагымдын студенттик чала жерин
Жүрөмүн бышыра албай күндөп, түндөп.

Ошондо сен деп жүрүп алган жарым,
Сабактын далай саатын калтыргамын.
Окубай, олуя заада болсо дагы
Акылдын көрө элекмин артылганын.

1977

ЭО 17761

БАЛДАРЫМ

Тун уулум энем багып, иним болду.
Тең тууган иним эмей кимим болду.
Эркелеп заманынын чоң үйүндө,
Эргиткен жаш кыялын илим болду.

Кайын энем баккан уулум кайним болду.
Көп барып кайын-журтум айлым болду.
Аскерден балам келсе соёмун деп,
Кайнатам тору бээсин байлап койду.

Кызым бар онунчуда окуп жаткан.
Мээримдүү сөзү менен мени баккан.
Дордойгон өзүм өңдү бети-башы
Кабагын биздин үйдүн ошол ачкан.

Бир уулум он төрттөгү, он беш кыял.
Сыртта жоош, үйдө болсо жүргөн кыян.
Өзүмдүн бала чагым эске түшөт,
Ак толкун Айдың көлүм, учкан уям.

1977

БОЛОТ КЫЛЫЧ

Аттын бары жорго эмес,
Ак үйдүн бары ордо эмес.
Кылычтын баары болотпу
Кытып алсаң олжо эмес.
Беш айлансаң дүйнөнү,
Жоктун бары жолдо эмес.

Эркектин бары эр эмес,
Адам көп ары, бери эмес.
Азуулунун баарысы
Арыстандай шер эмес.
Айтып жаткан буларды
Акындын бары мен эмес.
Кыйындары дагы бар,
Тыйындары дагы бар,
Куру мактоо жан бакты
Жыйындары дагы бар.
Куйругу жок карматпас,
Куюндары дагы бар.

Сен кимсиң деп сурасаң,
Сени балким жубатам.

Ырдын басып көөрүгүн
Албарс менен чыңасам,
Болот кылыч болбойбу,
Дөөтү экен түп атам.

1977

БАКАС АГА

Керилген жаш мугалим кече күнкү,
Кер мурут ата болдуң сен бүгүнкү.
Анда биз тентек элек ташка тийген,
Суусундай Чоң-Ак-Суунун катуу кирчүү.

Токтотуп тоонун суусун ооздуктаган,
Толубай сындуу киши алкыш саган.
Шаштырган, шамал өңдүү жайга келбей,
Өмүргө өчү барбы мезгил сараң.

Жубунан бузулбаган көзгө даана.
Жубайың ашкан сулуу Дездемона.
Эң жакшы мүнөзүңөр эсте калып,
Бактылуу карыдыңар Бакас ага.

КУРБУМ

Элүүгө чыгат дегенди
Жүрүптүр дейсиң ким эстеп.
Кырчындай болгон жаш кезде
Кыялай чыктык белестеп.
Касаба кардуу ашуудан
Бир аштык жайлоо Челек деп.
Элүү жаш деген ошолбу,
Эсимди жыйдым эми эстеп.
Андан кийин эки мыш
Келгенде кимдер керешмек.
Капыстан келсе карт өлүм
Кайрылып кимге кеңешмек.
Болоттой өткүр сөзүңө
Бой берип кимдер теңешмек.
Маалымат бердиң далайга,
Марксизм жеңет деп.
Намысың найза бойлогус,
Сергиймин Касым сени эстеп.
Токтото турган түрүң бар,
Токсондун оозун кемээштеп.

1978

ТУТКАБАЙДЫН СӨЗҮ

Кадимки Кара Кочкордо,
Кочкордогу Чолпондо.
Туткабай деген киши бар
Жаман, жакшы, майда чоң
Маселе менен иши бар.

Бир аял келди Нарындан,
Жайытты көрдү адырдан:
— Жалаң эле чоң-чоң таш
Калыптыр, чөбү кайда? деп,
Койлорду карайт жайылган.

Туткабай анда мостоёт,
Тулпардын оозун бош коёт:
— Майда ташын койлор жеп,
Чоң таштар калды деп коёт.

Таң калып берки койлорго,
Туш келип ойдон ойлорго:
— Чын элеби — дептир дейт,
Чоңойгон сулуу тойлордо.

1978

НЕ ЖЕТСИН

Кулагы антеннадай көк эшектер,
Алардын көптүгүнө жок эсептер
Жол бербей жорго менен күлүктөргө,
Ээрлерин ээлеп алды балекеттер.

Көбөйдү көрсө токтоп автобустар,
Азайды жолоочулар атка куштар.
Ат таппай аксакалдар эшек минсе,
Саландап жерге тиет узун буттар.

Элиме жыргал болбос ушул күндөй,
Бак-таалай баарын ачты кызыл гүлдөй.
Не жетсин шартылдатып ат мингенге,
Айлыда күлгө оонаган эшек минбей.

Буларды эске алуучу күндөр жетти,
Жылкыны тоокко саткан кездер кетти.
Аттарды көбөйтөлү мурункудай,
Азайтып эшек деген балекетти.

АР ЖАГЫН АЙТЫП НЕ КЕРЕК

Окуялар он түрдүү,
Ой, кыялдар миң түрдүү.
Жомок болуп калган чак,
Үй кылган кез үңкүрдү.
Өнөр, билим өркүндөп,
Бирдей кылды күн-түндү.
«Архаизм» деген бар,
Айтып калсаң «Үркүндү».
Ошон үчүн көп акын,
Ойлоп тапты түн-күндү,
Көчүрүп жазган терминдер.
Келтирчү болду күлкүңдү.

Космосту жазды колтойтуп,
Коошпогон сөздү калп айтып.
Поэма деп уялбай,
Башына жазат балтайтып.
Жандоочун жердин баяндайт.
Тарттырып сүйөт тартайтып.
Окумуштуулар окуса,
Ооздорун ачар аңкайтып.

Астрономия терминин
Ашыра мурчтай себелеп,
Кубаты жок ырынын,
Куру сөз менен чегелеп.
Көзүнө эмне көрүнсө,
Колуна эмне урунса,
Космостон тезек теренек.

Жаңычыл мындай акындар,
Дарбыздай башы тегерек
Агарат ичи жарсаңыз,
Ар жагын айтып не керек.

1978

ЖЫЙЫРМА БЕШ ЖАШ

Жыйырма беш жаш атың ким?
Жыттайсың дайым атыр гүл.
Менчиктеп болуп бир жылча
Мейманга келдим мен бүгүн.

Кылычтын мизи өтпөстөй,
Кырсыктар кууса жетпестей,
Кырчылдайсың жыйырма беш,
Кылымга жашап кетпестей.

Токтогул ырдап жаткандай,
Толкунуң тоону баскандай,
Толуп турсаң жыйырма беш,
Токтойбу деймин асманда ай.

Ташкының барда ташты кес,
Тамшанып калчу биз эмес.
Өртүнө түшкөн сүйүүнүн
Өмүрүң дайым жыйырма беш.

КЫРЧЫН

Бир кыз бар дейт, анын үйү Кырчында,
Кырчын — жайлоо, кырка тоонун сыртында.
Далай жигит кат бералбай калтаарып,
Даңазалап жүрөт дешет, артында.

Мен да жүрүп бир төрүндө жайлоонун,
Түпкүрүнө түшүп чыгып ойлоонун,
Бир ай дуулап, кийик уулап, бир көрүп,
Кыздын атын Кырчын атап койгомун.

Кыз атасы кыл куйруктуу мал багат,
Сыр аякка сабасынан бал тамат.
Кабар окуп малчыларга короолош,
Кырчын кыздын жүргөн жери салтанат.

Шырдак, тердик, кементайды шырыган,
Уксаң укмуш, ырдап берген ырынан.
Оозунан да, колунан да келген кыз,
Жылкы тосот, жыпар тоонун кырынан.

ДАМИРА

Арбын жаздым ырдуу катымды,
Ар кубултуп сенин атыңды.
Абайладың бекен ошондо,
Ал каттарга тамган жашымды.

Роза гүлдөй боюң ыргалат,
Радугадай жүзүң нурданат.
Райым кылып күлчү бир карап,
Рахат тапсын жаным миң кабат.

Ичке салдың ысык коргошун,
Ичтен сызып жүрөм тоңдоосун.
— Илдеттүүсүң бар — дейт,— врачка,—
Иниң сенин,— менин жолдошум.

— Менин оорум эч ким билалгыс,
Махаббат — ал, жанга тил алгыс.
Мындай десем,— кайда көрсөт — деп,
Мыктап сурайт, иниң: — ким ал кыз?—

Айталбадым, оозум батпады,
Ачылбады сырдын капкагы.
Ала салып түндө түйшөлөм,
Азап болуп таңдын атмагы.

Даана жетип сөздүн баркына,
Дабаа болчу жүрөк дартына
Дамира кыз билесиңби сен,
Дайын болгон ырды калкыма.

СҮЙҮҮ

Сүйүү бул — сүттөн таза, суудай тунук,
Ылайык бардыгынан десек улук.
Туруктуу жигитмин деп кимдер айтат,
Аягы жерден орун албай туруп.

Сүйүү бул — тоодон бийик, көлдөн терең,
Сүйлөсөк жомогуна жоктур ченем.
Чөгөсүң тереңине, түшүнбөсөң.
Кулайсың бийигинен, баа бербесең.

Сүйүү бул — кош канатың көктө сызар,
Толкунуң жүрөктөгү, тоону бузар.
Сүйүү бул, кетпес кенчиң, жалгыз энчиң,
Таалайың табагыңа алтын сузар.

Сүйүү бул — сүрү катуу, жолу татаал,
Сүйгөнүң ошон үчүн сага катаал.
Турмуштун туткасы го тунук сүйүү,
Сүйүүгө башым тартуу катар-катар,

ЫСЫК-КӨЛДҮН АК КУУСУ

Адам деген кыйын, татаал аппарат,
Капкактарын кандай чебер ача алат.
Билбегендер тетигинен жаңылып,
Бир-бирине келтиришет акаарат.

Сүйүүлөрдө түркүн, түркүн түйүн бар,
Бир түйүндөн чечилишет эки жар.
Жарым жарты жаңылгандар болбосо
Эки жардын даражасы барабар.

Сүйүү деген турмушуңдун таттуусу,
Сүйүү деген өмүрүңдүн шаттуусу.
Чарчабастан чабак уруп жетип ал,
Чын сүйгөнүң Ысык-Көлдүн ак куусу.

Садагасы саамайыңан сылайын,
Сарыктырып төккүн ойдун ылайын.
Саат сайын, самаганым самаган,
Сүйүп калсам анан кандай кылайын.

Кара көзүм маңдайыңан сылайын,
Кайра талдап төккүн ойдун ылайын,
Карааныңды караганым, караган,
Каалап сүйсөм, кандай амал кылайын.

КАТЫҢА ЖООП

«Жашчылык ал — азезил,
Бек болгун»,— деп сен өзүң.
Кат жазгансың бир ирет,
Калтар чачым билерсиң.

«Моюн сунам кол созсоң,
Убадага бек болсоң.
Түңүлө бер дегенсиң,
Түлкү куумай ойносоң».

Макул болуп мен алгам,
Азгырылбайм деп алгам.
Ал айтылган антым ант,
Ак болоттой чыңалган.

Эске түшүп бардыгы
Сагынычым арбыды.
Алда кандай болду деп,
Жаш жүрөгүң жандыбы.

Жана берсин жаш жүрөк.
Сүйүү болсун күчтүүрөөк.
Кыса-кыса кучактап,
Чопулдатып өпкүлөп.

Чыдабасаң турмушка,
Чын таалайлуу күн кыска.
Биз замандын куштары,
Көздөй учкан жылдызга.

1950

ӨМҮР КЫСКА

Өзүм сүйүп, өзүм алган жан теңим,
Сен мостойсоң мен мостойбой кантемин.
Түнөрүшүп кар жаадырбай кабактан,
Жаркылдашып, жазалычы жан черин.

Капалансаң кайгы дартың ырбаган,
Иштер үчүн эчтекеге турбаган.
Жалындары текке күйүп кетпесин,
Жаш өмүргө сак бололу, сырданам.

Менде да бар кечиримсиз каталык,
Сөөксүз тилден сөздөр чыгат капалык.
Кол сунушуп кошулушкан кездерди,
Кантип эле карк алтынга саталык.

Алтын арбын келе берет, табылат,
Өмүр кыска кете берет арылап.
Тоголонуп колдон чыккан бакытты,
Токтото албай жүрүшпөйбү барылап.

АЙ БАРАТАТ

Ак булутту аралап
Ай баратат,
Ак куу болуп көлдөгү,
Жай баракат.

Аталбайсың ак кууну,
Оңой менен
Жеталбайсың айга да
Жел ой менен.

Жеткинчекти жетпестен,
Калган жакшы,
Жетип азап жегичче,
Арман жакшы.

Жетем десем сулуу Ай
Жетер элем,
Көк деңизин булуттун,
Кечер элем.

Сүзө бергин алтын Ай
Көгүң менен,
Мен карайын өзүңдү
теңим менен.

Сага жакшы сезилсе,
Булуттуу көк,
Мага жакшы көктөм жер,
Жемиши көп.

САЛКЫН ЖЕЛ

Карайсың кара көз менен,
Кара таш белем сезбеген.
Айбы, же күнбү күлүшүң,
Айталбаймын сөз менен.

Жагымдуу жазгы күндөрдөн,
Жыттуусуң жыпар гүлдөрдөн.
Булбулу деймин тилиңди,
Буларды сага ким берген?

Бардыгын айтам барганда,
Ишенбей жүрчү жалганга.
Жабыркап жүрөм жаз бою
Жаркыным келчи жардамга.

Көрүндүң көзгө башкача,
Көңүлүң суудай таптаза.
Өзүндөй таза салкын жел,
Өмүрдү бүтүн каптаса.

СҮЙГӨНҮМӨ

Бир сулууга көз салдым деп,
Бир сулууну эске алдым деп.
Ырлар жазсам ыргыштайсың,
Ошолорго баргын деп.

Мен суктанам адамзатка
Адамзаттын көркү башка,
Сулууга да суктанамын,
Катпаган соң кара ташча.

Жаркылдачы жан сүйгөнүм,
Жашоо демим—ырым менин.
Сен да мени өзүңдөй ак
Болсо дейсиң, түшүнөмүн.

Жолуң болсун ай сүйгөнүм,
Жок нерсеге кур күйбөгүн.
Ырдабасам сулууларды,
Көркү кайсы бул дүйнөнүн...

ЧОЛПОН

(Бейшеналиевага)

Чолпон — Чолпон, таң алдында чыгуучу,
Чолпон — Чолпон, ай ааламдын сулуусу.
Кыз сулуусун Чолпон дешип кыргыздар,
Кымбат баалап, чоң даңаза кылуучу.

Желдей сызып, жер жүрөгү Маскөө деп,
Элик сындуу сууга келген бөксөлөп,
Тоонун кызы толкуп чыга келгенде,
Таң калышат, олтургандар өнтөлөп.

Чолпон чыкты көктөн эмес, сахнадан,
Көркү менен көңүлүңдү шаттаган.
Бийлеп берип, бийлеп алат боюңду,
Аппак болуп, жумшак болуп пахтадан.

Чолпон... Чолпон... Чолпон... дешет маскөөлүк,
Нурдун кызын көз алдынан өткөрүп.
Ошол кезде көрбөгөндөр Чолпонду,
Калгансыды бир эличе бөксөрүп.

ТОЛКУН

Толкундаса акындар токтоо бербей,
Адыр жактан аркырап аккан селдей,
Тоскоолдуктар тосо албайт жолун тороп,
Бошоңдору болбосо, мобул мендей.

Толкуну жок акындар көлчүк суудай
Ырдын кушу сүзө албайт аппак куудай.
Калем учу шилтенбей мукураңдап,
Ылайланып кечмеси баткактуудай.

Толкуну жок тоголок сөздөр мунжу,
Алтын жасай албайсың шилеп кумду.
Ыр деген ыр, ыргагы сыдырым жел,
Сырга терең ар сабы адам курдуу.

Толкуну жок жүрөктүн соккону бош,
Тирүү жүрүп, күн көрүү — көңүлү кош.
Ыр жазуу да — кан күйгөн улуу майдан,
Акынмын деп айтпачы курулай, дос.

Толкундаса жүрөгүң — ырың толкун,
Ой түбүнөн козголот орчун, орчун.
Акыл менен толкундун чек арасы —
Ала-кула болбостон, туташ болсун.

АК КУУ

Ак десең ак,
Куу десең куу.
Турагы көк көл,
Турпаты сулуу.
Ааламда бүткөн,
Куштардан улуу.
Жарабайт ага,
Жамандык кылуу.
Кыйкуулап учса,
Кызыгы ушу.
Моюну — жебе,
Канаты шуу-шуу.
Тазадан таза,
Таалайдын кушу.

ТООС

Тоос куштун коозу дейт,
Өзүндөй кылып өң-түсүн.
Айталбайт адам оозу дейт.

Эчен жолу мен көрдүм,
Өз көзүнө дал өзүм
Ишенбеген өңдөндүм.

Пейил күтөт кашымда,
Жомоктогу ханшадай.
Асыл таажы башында.

Канат менен куйругун,
Бирден жазып көрсөтөт,
Күтүнгөндөй күн мурун.

Миң кубулжуйт тоостор,
Жерди тытып тынбаган,
Дыйкандары тооктор.

Жүргөн жери гүлдүү бак,
Мындай кушту жараткан,
Кандай укмуш табийгат.

1976

КАРА БАК

Кара бак кайың, талдуу, карагайлуу,
Жел соккон тоо тараптан жериң жайлуу,
Көк жарып Кара-Колун аккан суусу,
Булбулга үнүн кошот кайруу, кайруу.

Сенде өткөн ууз кыял бала чагым,
Сезбеген жайдын ысык саратанын.
Кара бак сенден көргөм, сенден тапкам,
Кадимки нак сүйүүнүн балапанын.

Баа жеткис ошондогу бала чагым,
Барк албай тоонун алтын арашанын,
Өзүңдө кыз колтуктап далай күйгөн,
От кармап анда тентек алаканым.

Сенде өткөн сергек кезим — чачым кара,
Айыккан жүрөгүмдөн жүздөй жара.
Шаштырган шамал окшойт өмүр деген,
Уурданып бир барайын арачала.

Бир кезде өзүм жүрсөм бак аралап,
Чачымды азыр жүрөт ак аралап.
Ойлосом ошол чакты Кара багым,
Жүрөгүм жүз жол кайта жараланат.

ЖОКЕШ

Жокеш деген айылдагы ветврач,
«Жоош болгон менен — дешип кеп кылат —
Кээ бирөөнүн берет экен сазайын,
Талуу жерин таап туруп, жакшылап.»

Тоо-Челекте иштеп жүрдү тогуз жыл,
Акын экен аңдып көрсөк нагыз бул.
Бети дагы, ниети дагы, ыры да,
Элге жакса эр жигитке намыз бул.

«Мурутуң окшош Тойбайга,
Олтурасың кой кайда.
Туулганы козуңдун,
Чычканга окшош бүт майда.

Жер түртүп кетме жериң бар,
Жеңемди салып бейпайга
Котик деп атка конгуча,
Мурутту коюп не пайда.
Карышкыр жеп коюңду,
Өлүгү калды сай-сайда».

Желдей тарап жазган ыры Жокештин,
Айталбады туура эмес деп түк эчким.

Ардангандан муруттарын шыпыртып,
Көргөндөрдүн келтиришти күлкүсүн.

Тойбай болсо тоодой балбан чоң мурут,
Тоо Челекте казак, кыргыз дүң кылып.
Ошол дагы куттуктады Жокешти,
Койчуларды кошкондугун ыр кылып.

Карт күрөңү, Мариясы, Канаты,
Минген аты, сүйгөн жары, баласы,
Көздөрүнүн агы менен айланат,
Бул Жокештин кадыр баркын карачы.

Келген чоңдор — Райондон иште дейт,
— Баралбаймын көчүп алгам сүткө дейт.
— Райондо сүт жок бекен — дегенде;
— Баралбаймын, салалбайсың күчкө дейт.

Ырга, сүткө, ырахатка толгон тоо,
Ар намысым, атам, энем болгон тоо,
Фрунзеден билимимди көтөрөм,
Чабандарым кыштоосуна конгончо.

1978

АЭРОПОРТ

Аэропорт абаң таза, жериң салкын,
Ала-Арча, Басбөлтөктүн оозундасың.
Каламым шилтей көргүн кайраттуураак,
Кайрылбас кайран жылдар эсте калсын.

Он жылдан ашык турдум аэропортто,
Көп деле көңүл чаппайт, анда тортко,
Салкындап саясында жаш акындар,
Эс алдык шиш кебекти кактап отко.

Жакшы жаш отуз кырктын орто чени,
Кандырган мээримине мени, сени.
Жарашат жаш баласын жетелесе,
Жаштардын жанда болуп келинчеги.

Жаш эле, шайыр эле кошуналар,
Бир чөгүн чайы менен тосуп алар.
Алдагы адамдын бир доору окшойт,
Кез келет кечке үйүндө жатып алар.

Жазында Басбөлтөккө чейин барып,
Жапырып жашыл чөбүн, жата калып.
Чер жаздык, обон салып, тоону жарып,
Шар сууга, шат күлкүгө тазаланып.

ЗАЛКАР

(Саякбайга)

Баарынан кымбат белем жарыкчылык,
Чөп дагы өсөт ташты жарып чыгып,
Бир кезде залкар тоодой көрүнүүчү,
Саякбай, Карамолдо, Калык чыгып.
Коштошту кайран Сакем жарык менен,
Бүркүттөй канаттарын талыктырып.
Караңгы көрдө дагы анын жүзүн,
Турмакчы Айкөл Манас жарык кылып.

Жер союп, ат туягы арыш керген,
Жеңилбей эчен заман, эчен селден.
Келгенсип чогуу жүрүп чопкут кийип,
Айкөлдүн жортуулдарын айтып берген.
Саякбай элге тирүү тарых болчу,
Калгандай белек болуп мезгилдерден.

Кош Саке! Залкардан да залкар элең,
Козголсоң Ысык-Көлдөй чалкар элең.
Кыйкырып Бүркүт-Уя, Кесеңгирден,
Кыраандын томогосун тартаар элең.
Түтүнү түрмөктөлгөн боз үйлөрдө,
Ыр менен түн баласын калчаар элең.
Салдырып бүркүтүңдү колум билсе,
Аскага сүрөтүңдү тартар элем.

ДОКТОР ИСА

Сенин колуң ар адамды аяй кармап чеберден,
Сенин көзүң ар адамды үңүй карап тереңден,
Жумурткадан жаңы чайкап чыгарчусуң
кайрадан,
Жаткан кезде жан талашып, «ай жашамак
белем» деп.

Адам үчүн адам күйүп ак эткенде так эткен,
Башын байлап өлүмгө түз, канча жолу кан
кечкен.
Сен да ошондой бел байлаган жаангерсиң
найза алган,
Эчен жолу ажал менен жекеме жеке беттешкен.

Сен эр жүрөк, сен мээнеткеч, сен уулусуң
мекендин,
Сендей шумкар атып чыкса, секет болуп
кетермин.
Сен агасың, сен атасың, өз ишиңе даанышман
Улукмандай улуу тоодон сен өңдөнүп өтөр ким.

Сени узатып, Фрунзенин көчөлөрү жык толду.
Машинанын жолу буулуп, шаар ичи токтолду.
Аза күтүп кар жамынган калкагар тоо
кабарып,
Жүрөктөрү тоолуктардын күйүп турган чок
болду.

1976

АТАМА

Мен үчүн баш оорутуп өңдөн аздың,
Мен үчүн төбөң менен кудук каздың.
Мен үчүн өмүр бою кулдай иштеп,
Мен үчүн сен өстүрдүң гүлүн жаздын.

Кош эми, кайрылбассың кайран атам,
Кайгымды кара тоодой кайда катам.
Каарданса кабагыңан кар боройлоп,
Кубанса кучагын кең жайган атам.

Кош эми, түбөлүккө кош бол ата,
Бороонду мага келген тоскон ата.
Көк тиреп көк теректер өзүң тиккен,
Өзүңдөй дабыш салат шуулдаса.

Туу кылган тууралыкты ата салтым,
Чынчылдык чымырканып берген антым.
Дем белем ата деген Ала-Тоодой,
Шаңшыган аскасынан ала барчын.

ТОКОЙ МЕНЕН БАЛАЛЫК

Кайран токой, өттү кайран балалык,
Жок дегенде жомок кылып калалык.
Ошол кездер лентасындай кинонун,
Көз алдымдан өтүп турат саналып.

Көл жээгинде калың токой чырканак,
Чырканактын ашы тилди куйкалап,
Кайран өзүм жылаңайлак, жылаңбаш,
Жээр элек шуруларын уйпалап.

Азыр дагы шилекейиң чубурат.
Токой ичи токсон тогуз кубулат.
Жайдын күнү жаңы бышып келаткан
Ала бөйрөк ит мурун, көп карагат.

Ай чырканак, найза тилдүү чырканак,
Жүгүргөндө ташка тийип, бут канап.
Чор таманым таш тамандан калыңбы,
Чорт сыныучу тийген тикен, кысталак.

Серендеген коёндордун кулагы,
Өрдөк, каздуу өлөңдүү саз булагы.
Миң кубулуп, китеби жок окулган,
Жашыл токой жандыктардын турагы.

Жүнүн жеген кызыл короз, бостектер,
Көз айнектүү кооз үкү, бактектер.

Эчки маарак көктөн маарап, озү жок.
Ээн токойдун кызыгы көп эстетер,
Тердик түтпөй эки этеги жыртылып,
Куш салуучу менин атам Белектер.

Өрдөк куун көлгө кирсе чүйлүсү,
Отко кармап, болобу деп мындай шер.
Жүгөн алып таппай минген аттарын,
Жүрүшчү эле, карайлатып калың чер.

Чырканактын чымчыктары чыйпылдап,
Корголотуп, кыргый илип кыйкымдап.
Токой кыйып, арабага чоң басып,
Жөнөөр эле дөңгөлөктөр кыйчылдап.

Койбой казып чырканактын дүмүрүн,
Согуш жылдар көл жээгинде көк ирим.
Катын калач, кары картаң отун жок
Ойсуратты ошол токой өмүрүн.

Терезеден көл көрүнүп, токой жок,
Тегиз болгон мал жайылып, ат ойноп.
Токойчулар тигишиптир кара бак,
Кийинчирээк барып калсам көл бойлоп.
Жылдар өтсө, өтүк кийип жылаң бут,
Көзүңдү ачып жумганча эле чоңоймок.

Азыр укмуш калың токой кара бак,
Көл жээгинде көк кытаны таранат.
Баш жагына бала куштар эс алса,
Көгүчкөндөр көтөрүлөт абалап.

Ат чабымдан ашык жерге созулган,
Чырканактын чытырманы балалап.
Кызыл алтын кыргоолдордун мекени,
Адам тийбейт асыл кушка аманат.

Шапкесинде жашыл эмен жалбырак
Шайыкенин мингени тору аргымак.
Булбулдарын ээн эркин сайратып,
Бул токойдун бешенесин жандырат.

Ал токойчу тоосун, оюн караган,
Алп карагай, жашыл арча баары аман.
Көл толкуса кошо толкуп токою,
Ал адамга кем көрүнбөйт баладан.

Балалыгым ал токойду мекендеп,
Буурул чачтуу бул ким болду экен деп.
Барып калсам Абдылданы тааныбай,
Ойноп жүрөт, ок жыланга жетем деп.

1977

ЖЕТИГЕНИМ

Асманда жаркыраган жетигеним,
Сыры бар жети башка ал жетөөнүн.
Жалындап алар менен жашап келем,
Ошолор оргуп ташкан күчүм менен.

Эң чоңу жетигендин бадырайган,
Эл, жерим эркин дуулап, курган сайран.
Так ошол таянган тоом, келгенде жоом,
Аларсыз жеке кантип салам майдан.

Эл калыс, журт казына уюп жаткан,
Эргитип кучагында кулунчактан,
Барчындай баатыр жүрөк учкул кылган,
Башынды көкөлөтүп жерде жаткан.

Жетиги жетигендин энем, атам,
Тургансыйт туура жакта абайласам.
Бүлбүлдөп көзүн салат дале мага,
Бүгүн да оор үшкүрүп, ойго батам.

Дагы эле ат кайтарып, түн күзөтүп,
Асманда ай, жерде көлүм турат көшүп.
Ал атам жылдыздардын атын айтып,
Жаткансыйт, ат үстүнөн маа көрсөтүп.

Очогум — ортосунда Жетигендин,
Ушунда бардык куту баатыр эрдин.
Үй-бүлөм бала-чакам, сүйгөн жарым,
Адаммын ак дасторкон, досум келген.

Адамдын рахаты мына ошондо,
Үй кутум, кетпес кенчим коломтомдо.
Жакшы өссө, ат башындай алтын кеппи,
Балдарың уят кылбай чоңойгондо.

Уялчаак бир жылдызым уят-сыйыт,
Алтынга алмашкан көп, аны кыйып.
Улуу сөз «Уят деген бир уруу журт»,
Аны күт, абийир тап, напси тыйып.

Мен да бир, сен дагы бир укчу досум,
Жашадык бул өмүрдүн тең ортосун.
Өтпөстөн өмүр бою чычкан аңдып,
Ашалык ак эмгектин асман тоосун.

Бир жылдыз — үзүлбөгөн үмүт тилек,
Жеткин деп, Жетигенден көзү күлөт.
Талпынсаң,
Талаптансаң,
Талыкпасаң,
Жолумду табарсың деп, күтүп жүрөт.

Калкыса орто жерде кара булут,
Калтаарып, үмүт үзүп калба туруп.
Сен адам сезимдери болоттон курч,
Жарып өт боздосо да, бороон улуп.

Жетинин бири кыдыр, жолу шыдыр,
Атанын эң ардактуу баласыдыр.
Жүрөгүн окко тосуп эл, журт үчүн,
Мерт болгон баатырмын деп, кылат шыбыр.

Жаш кетип, жаз гүлүндөй ачылганда,
Боёлуп боз көйнөгү кызыл канга,
Жаркырап жетигендин жылдызындай,
Жаш бойдон тура бермек кылымдарга.

Жайылган тартиби жок жазган ырым,
Мен өзүм түн күзөткөн жылкычымын.
Ийирген жерден туруп Жетигенди,
Колумда учу болот укуругум.

Ыр деген канаттуу сөз кайкып учкан,
Ашса ашат, кем калышпайт алгыр куштан.
Жакшы акын мүнүшкөрдөй сөздү таптап,
Мүргүтүп каргашанын мойнун кыркkан.

Асманда жаркыраган жетигеним,
Сыры бар жети башка ал жетөөнүн.
Жетилип алар менен жашап келем,
Ошолор орошон тарткан күчүм менин.

1977

КАРЫЯЛАР КЕП САЛАТ

Карыялар кеп салат,
Калган сөз деп илгертен:
Жолуң болбой калганы дейт,
Жооп уксаң күндө «эртең».

Эртеңдин да эртеңи бар,
Күлүңдөгөн күн мисал.
Күндө эртеңге күңкор болбой,
Күн өткөрүп, кыргый сал.

* * *

«Жакшы бүлө — жарым ырыс».
Жакшы аял таап үйлөн дейт.
Бир аялдын азабынан,
Бир тайпа журт күйгөн дейт.

Эс акылын караган оң,
Чылап ичпейт чырайын.
Элден мурун ал аялың,
Сага кылсын ырайым.

* * *

Кереги эмне асмандоонун,
Жерден башта жумушту.
Оорубагын орой, бузук,
Оору менен жугуштуу.

Оңой эмес киши болуш
Элге-журтка татыктуу.
Акталмагы кыйын жумуш,
Калкың берген кашык суу.

* * *

Кеп келтирип ылайыксыз,
Кызды сынап иргейбиз.
Ошол кезде кыз эмнени
Ойлогонун билбейбиз.

Адегенде өзүң оңол,
Анан кызды сынагын.
Өлчөмү жок бул өмүрдүн
Табуу кыйын ынагын.

* * *

Ат аяган жер карайт,
Куш аяган көк карайт.
Жер караса жээн кыз,
Жердешинен эмне аяйт?

Жер караса жаш селки,
Муюшканы болбосун.
Жалооруган жигиттин
Куюшканы болбосун.

* * *

Бары да балаа баланын,
Жогу да балаа баланын.
Карыялар ушинтип,
Кайгырса кейип каламын.

КУПЛЕТТЕР

Сүйгөнүм, кара көзүм, калтар чачым,
Салмагы сары алтындай янтарь ташым.
Чын сүйсөң жүрөгүмө кубат берип,
Чыгарам кара зоонун талкан ташын.

* * *

Эмгек кыл, маңдай терди төккүн досум,
Эңсеген максатыңа жеткин досум.
Миң күнү жаман менен жашаганча,
Жакшыны бир эңкейип өпкүн досум.

* * *

Калпы чындай, акты кара кылчу бар,
Жылма күлүп, жылан болуп жылчу бар.
Ким ылгабай ошолорго ишенсе,
Акыр бир күн аягынан сылтуу бар.

* * *

Чоң энеси чорт деген,
Чорт кыялдуу морт белем.

Эне-атасын тилдеген,
Эң төмөнкү сорт белем.

* * *

Буюрат адам адамга
Буюгат кээде шамалга.
Буюккан эмей эмине,
Туш болсо жакшы жаманга.

* * *

Мүнөзүң оор башкача
Айткан сөзүң кыскача.
Жаратылыш өзүңдү,
Жасап койгон устача.

* * *

Кымыз деген кыз жыттуу кызыл тору,
Кымыз ичкен адамдын аппак боору
Касиети кыргыздын ушундабы,
Сагынасың көрбөсөң самап тоону.

Жокко болсо айла жок,
Бардын баркын билели.
Барды барктай албасаң,
Маңдай шоруң бир эли.

* * *

Жалган деген жаман да,
Жармашканы уйгактай.
Көндүм болгон адамга,
Куюп жеген куймактай.

Чынчыл менен кас болуп,
Чырдын кулу — жалгандык
Жалганчыга дос болуп,
Оозубузду кармандык.

* * *

Көңүлү жаш көп адам,
Болсо дагы өзү карт.
Жаны курбу жаштарга
Жүзү жарык, колу март.

Кадыр кылып, сөзүн ук
Карасы жок таруудай.
Салмактасаң сары алтын,
Ак көңүлү аруудай.

КӨЛ ЭНЕ

Ысык-Көл жатат толкундап,
Эл дуулап,
Толкуну тоодой орчундап.
Жеңиштин күүсүн черткенсийт,
Өктөмсүйт,
Өйдө бир төмөн жортуулдап.

Тоолордун башы ак мөңгү,
Көркөмдүү,
Айланта курчап көк көлдү.
Кыздары кызыл алмадай,
Шамдагай,
Жигити күйгөн өрт өңдүү.

Айталы сырын жашырбай,
Жашыл жай,
Жер барбы көлдүн башындай:
Душманга салган чуулган
Туулган
Ал жерде баатыр Ашырбай.

«Элимди коргойм!» деген ал,
Демек ал,

Эненин камын жеген ал.
Колунан кыскан көп ирет,
Көк жал! деп,
Панфилов абаң генерал.

Чаалыкпай чалгын чалган ал,
Балбан ал,
Далайды байлап алган ал.
Көз алдына көл келип,
Көл менен толкуп эл келип,
Жоо жеңип,
Жоболоң кыргын салган ал.

Шер уулу көлдүн Шемякин,
Айтпайт ким,
Айкашып жыйырма сегиздин.
Шопоков, Ананьевдер,
Диевдер —
Түгөйү белем эгиздин.

Москва — таалай, Москва — Күн.
Ан үчүн
Беришкен сууруп жүрөгүн.
Өткөрбөй жоону мерт болгон,
Чеп коргон —
Ушулар эмей анан ким!

Толкундар күчөп айгыр жал,
Абай сал,
Толгонот мынча эмнеге ал?
Кейийби ойлоп балдарын,

Өрт-жалын,
Көөнүндө окшоп энеге ал?

Көбүнүн эстеп эрдигин,
Болуп тим,
Көл эне кылат көлдүгүн.
Тереңдеп оргуп бир кезде,
Күн кечке
Күүсүнөн чалат Жеңиштин.

«Тээ, Тескейдеги Көк-Сайда,
Көп сайма.
Тентеги калган капкайда —
Жусубун жоктоп Көл эне,
Ээлене,
Эстесе түшөт бейпайга. —
Кайгыга баткан Ростов,
Каптап от,
Адамдын каны суу окшоп
Кайнаган жерде окко учту.
Жуткучту,
Ок менен далай коноктоп.»
Окторулат көк толкун,
Жусуптун
Эрдигин элге жомоктоп.
Көккө жетет төбөсү,
Тоо өзү —
Ак ала баштуу ата окшоп.

Толкунга толкун кошулуп,
Обдулуп,

Калың кол алтын токунуп,
Поэма болуп куралат,
Ураалап,
Бетинен көлдүн окулуп.

Жазылбай кеткен ырлар ал,
Тыңдап ал
Тымызын кеткен сырлар ал.
Жыландар менен арбашып,
Кармашып,
Жыргабай кеткен жылдар ал.

Көгөрүп толкун көл эне,
Деги эле
Эч кимди койбой жемеге,
Согушка айтат каргышын:
Намызын
Бербеген Мукай эр эле!

Тартканы мунун Узак жол,
Тузу ак жол.
Жазганы мунун — аз да мол.
Эл башына күн түшсө,
Кел күчкө,
Керешке чыгып арка бол!

Мукайлар баскан «Улуу марш»,
Айтуу парз.
Аларга тууган эли карыз.
Бир сөзү — билсең, опол тоо,
Бетте жоо,
Музасын ойноп тарса, тарс.

Жоомартын жоктойт Көл эне,
Ээлене,
Жоолугун желпип керене.
Чачындай тармал толкундар
Уруп жар,
Чамынса козгойт делебе.

Мерт болду менин кылаамдан
Уландан
Ушуга кимдер тең эле.

Жээгимде жүрүп жетилген,
Алган дем,
Алыкул чыкпайт эсимден.
Жеңиштин күүсүн чалышкан —
Даанышман,
Даана акын кайда бекинген?
Өлгөндөн кийин өрт тартып,
Күчү артып,
Ырынын туусу желпинген.

Балдардын досу Кусейин,
Кең пейил
Баламды кантип билбейин.
Кыйылды кырчын кезинде,
Сезимде
Секетиң болуп кетейин.

Жети-Өгүз болчу турагы,
Бу дагы,
Жетилген бойлоп кыламы

Жылдызга колун созгондо
Чыкты го,
Кайгынын кара туманы. —

Күүлөнүп көлүм толкундайт,
Күчүн айт,
Күп этип аска солкулдайт,
Сан-Таштан, Кызыл-Омполдон,
Оң-солдон
Оолукса жүрөк болкулдайт:

«Жүрөгү жалын Чолпонбай,
Жалтанбай,
Жарылган жоого бомбадай.
Жүздөгөн бомбо тең келбейт,
Анын дейт,—
Жүрөгүнө алмадай!

Күңгөйдөн Казак, Калыйнур —
Күлсө нур,
Каарданса кара булуттар
Тилеги катып келген жоо,
Түшүп боо,
Түңүлүп ити улуптур...

Күнүндө улуу согуштун
Сен уккун,
Дүйнөгө болгон ким устун?
Ушундай уулдар болот төш
Аты өчпөс
Сыймыгы Ата конуштун.

Балдарым баатыр төрөлгөн —
Жөрөлгөм.
Бактымды коргоп көбү өлгөн.
Күүлөрүм чарпып күн бетин,
Кирбей түн
Айдыңым айды өңөргөн.

Ошолор менин толкунум,
Ук уулум,
Оюмдун айтсам орчунун
Аларсыз бетим нур чалын,
Мынчалык
Толкундай албайт болчумум.

1975

ПОЭМАЛАР

ВИКТОР ХАРА

«Керек болсо —
мылтык болот гитарам».

(В. Хара)

1

Эс алган эл,
Виня-дель-Мар курорту.
Күркүрөгөн
Күздүн ачык күн болчу.
Ырдап жатты
Атлантика жээгинен,
Виктор Хара
Акын, ырчы, обончу.

Кара чачтуу,
Калың каштуу, оттуу көз,
Жылмайганы
Дыйкандарча бир мүнөз,
Кара тору,
Отуз бештин ороло,
Ырын созот,
Ыр замбирек, ыр күрөш.

Байкап турсаң
Башкы сөзү боштондук,

«Чили! Чили!
Чилиликтер козголдук.
Бөртүп жешет
Түндүк жактын бөрүсү,
Талкалансын
Талап, тоноо, ташбоордук!
Бөрүлөр ким?
АКШлык төрөлөр.
Биз эмеспиз
Мурункудай чөгөлөр.
Темир, жезди
Керек кылат өздөрү,
Чилиликтер
Чилисине эгедер».

Жарга согот
Океандын толкуну.
Толкун, ырда
Токтоо деген болчубу.
Андылардан
Андыларга жаңырып,
Ал ыр тарайт
Айдарым жел аркылуу.

Алп көкүрөк
Булчуңдуулар эс алган,
Бөлүнүшүп,
Бери чыгып катардан:
«Чили! Чили!
Чили! Чили!» деген үн

Күн күркүрөп
Жаткан өңдүү күч алган.

Достор угат
Ыргак менен ыр сүрөп.
Кастар угат
Бүткөн бою дүркүрөп.
Ач карышкыр
Көргөн өңдүү мергенди,
Бузук ойлуу
Буржуйгандар күрсүнөт.

Ар-намысын
Жаңы алышкан чилилик,
Эли жеңип,
Эми жаңы биригип,
Виктор Хара
Жаңы күндү жар салат,
Өчкөн жанып,
Өлгөн кайра тирилип.

* * *

Чокуларын
Ак кар баскан бийик Анд*,
Санть-Ягонун
Айланасы тоолор алп.
Виктор Хара

---

* Анд — киши өтө алгыс аска тоолор.

Колунда кооз гитара,
Ырдап жатат,
Борбордогу чоң аянт.
Ырдап берүү
Салтанаттын алдында
Бул өлкөдө
Пайда болгон жаңы салт.

«Бирдикте биз болсок
Жеңебиз, өтпөйт ок.
Күрөштө билинет
Ким баатыр, ким коркок.
Жеңилбейт эл,
Каптаган сел.

Күрөшкө жолдоштор,
Бизде жок башка жол.
Чындыкты коргоодо,
Чегинбес чептей бол.
Венсеремос! Венсеремос!*

Венсеремос —
Биз жеңебиз түбүндө.»
Эл кошулуп
Айландырат гимнге.
Калың элге
Виктор Хара режиссер,
Көк жарылып
Кете жаздайт бул үнгө.

---

* Венсеремос — «Биз жеңебиз».

Басанчалап
Венсеремос! дегендер,
Колун кысат
Президент кеменгер.
Салтанатта
Альенде сөз сүйлөйт,
Көлдөй толкуп
Жер майышкан калың эл.

Элди маштап,
Эркиндиктин салтына:
«Эч убакта
Чегинбегин артыңа.
Куба, Чили —
Маяк болуш керек — дейт,
Латындык
Америка калкына.

Империализм —
Карышкырдай кан тилейт,
Кулдай эзип,
Азап, тозок энчилейт.
Бошоңдотпой
Боштондугун чилинин
Коргоп калуу
Ар кимдин ак шерти!» дейт.

Оргуп ташып
Океандын суусундай,
Толкунданып
Элдин эркин туусундай,

Сүйлөп жатты
Альенде Сальвадор,
Ак кийимчен,
Тоонун алгыр кушундай.
Түп көтөрө
Революция аянты;
Революция!
Революция!— Сөз арты.
Виктор Хара
Калың дууга кошулат,
Калкы менен
Кайнар булак таланты.

* * *

Түштүгү ысык,
Түндүгү суук Чилиде,
Эли маашыр
Бул ырчынын үнүнө.
Оттуу жерден
Муздуу жерге чейинки
Алыстыктар
Аны күтөт күнүгө.

Оттуу жердин
Аралында тоолор бар.
Эки тоонун
Арасында жери тар,

Лонкисинде
Виктор Хара туулган,
Тууганлары —
Жарды-жалчы дыйкандар.

Бала болуп
Окуган жок мектептен,
Шаарга кетип,
Мууну каткан эмгектен.
Баш калкалап
Көпүрөөлөр алдында,
Күнүн көрүп,
Жанын сактап, эр жеткен.
Пара байкап,
Келечегин баланын.
Дыйкан ырын,
Балыкчы ырын үйрөткөн.

Виктор бүттү
Музыкалык мектепти.
Тапка келип,
Аламанда ат кетти.
Хара менен
Чогуу жүрүп Паралар*
Альенде
Жеңип чыккан күн жетти.

---

* Паралар — Биолетти Пара, анын кызы, уулу да чилинин белгилүү ырчылары.

II

Виктор үнүн,
Виктор сөзүн угуттуу,
Түндүк, Түштүк
Америка угушту.
Бүт дүйнөнү
Дүңгүрөткөн бул жигит,
Адам белем
Не болсо да туруктуу.

Гитарасын
Эч куралга алмашпай,
Тулпар сындуу
Курч калеми талбастай,
Виктор Хара
Чыккан үнү добулбас,
Анын өңү
Жаркылдаган алмастай.

Ажыдаардын
Уюгу дейт Нью-Йоркту,
Не болсо да
Сөз өңдонөт олуттуу.
Вьетнамда
Согуш күчөп турганда,
Нью-Йорк менен
Виктор Хара жолукту.

Революция
Жоокеринен бул Хара,

Борбуйлашкан
Буржуй менен букара.
Тартиби жок
Тар аянтта эл батпайт,
Баягы эле
Баатыр колдо гитара:

«Эр Хо-Ши-Мин айткандай,
Бир үй-бүлө адамзат.
Согуш деген бизге жат.
Уккула достор, уккула!
Вьетнам каалайт тынчтыкты,
Ким каалайт согуш кырсыкты?»

Виктор шашпайт
Үйүндө ырдап жаткандай.
Мала кызыл
Көйнөк кийген макмалдай.
Бара бара
Баритон үнү термелип,
Закымданат
Деңиз толкуп ташкандай.

Бул квартал
Нью-Йорктун бир бурчу.
Согуш деген
Оору эмес го жугуштуу.
Кары-жашы,
Кара, агы дебестен,
Жаны калбай
Жапырт өйдө турушту:

— «Вьетнам — Тынчтык!
Вьетнам — Тынчтык!»
Деп айтышты эл бүтүн.
Бирге сокту
Жүрөктөрү эмне үчүн?—
Акын Виктор
Таамай сөздү таап айтты,
Ошол элдин
Ой, тилегин, үмүтүн.

Дуулдаса эл,
Дудук болгон миллионер.
Куралынан
Куурулган кара жер.
Сарсанаадай
Сары алтындар чубуруп,
Нью-Йоркту —
Нью-Йорк кылган дүнүйө — көр.

Виктор ырдайт
«Бешик ырын негрдин».
Жаның кейийт
Өткөнүнө өмүрдүн.
«Алдей, алдей негирчек.
Жаш баласың кемирчек.
Уктай койгун мемиреп.
Азыр энең жумушта,
Алдей, алдей негрчек

Алдей, алдей садага,
Таң күн энең талаада.

Иштеп чарчап, чаалыгып,
Башы баткан санаага.
Канын сорот помещик,
Сатып алган эмедей.
Эй, негрчек, алардан,
Жакшылык жок кенедей».

Нью-Йорк шаарбы,
Жалама зообу, жаңырчу?
Аянттагы
Көздөр отпу жагылчу?
Ыр жаңырат,
Көздөр жанып балбылдайт,
Бул акынга
Өмүр бою сагынчу.

Тиши агарып
Негр кызы гүл сунат,
Тазалыгы,
Тунуктугу — агын суу.
Акын Виктор
Айлананы багынтып,
Эл дүүлүгөт
Эмес мындай чогулчуу.
Ышкырышып,
Ырк бузучу тентектер,
Башын катып,
Чычандарын жым кысты.

Европада
Эркин ырдап бул Хара,

Элин даңктап
Канат каккан гитара.
Ашар кезде.
Азиянын тоолорун,
Ишин кылды
Кара күчтөр ичи ала.

Кайда болсо
Калтаарыбас эр жүрөк,
Бүт дүйнөдө
Аны тоскон дүңгүрөп.
Гордилерден
Дүнүйө эмес, ыр жыйнап*,
Элге берип,
Элден ичкен ал мүрөк.

III

Чили жээгин
Кара туман каптады.
Эл бийлигин
Генералдар таптады.
Автоматчан
Атышканы элестейт,
Президент
Кийип алып касканы.

---

* Ыр жыйнап — В. Хара фольклорист да болгон.

Альенданын,
Неруданын өлкөсү,
Кара кийди
Көктү тиреп өркөчү.
Калтыратып
Чилини да каптады,
Кадимкидей
Фашизмдин келтеси.

Виктор үйдө,
Эки кызы жанында,
Акын башы —
Калайыктын камында.
Келинчеги
Үйдөн чыга көрбө дейт
Эрин сактап,
Күйбөсүн деп жалынга.

Институт,
Эл чогулган күрөшкө.
Жетип барды
Токтош болбойт мүнөткө.
Өткөн күнкү
Президенттин өлүмү,
Кан кайнатып,
Тынчтык бербейт жүрөккө.

БКсында
Коммунисттик жаштардын,
Виктор мүчө,
Бийигинде аскардын.

Акын шаңшыйт
Ала барчын бүркүттөй,
Айбын ачып,
Акылынан шашкандын.

Стадион
«Улуттук» деп аталган
Викторду да
Ал тозокко алпарган.
Түрмө болуп,
Бүт улутка түн түшүп,
Шыкалган эл,
Автоматтар такалган.

Күндөр өттү
Күйүп, жанып, кан агып,
Атылган ок
Ак жүрөккө кадалып.
Тогуз эмес,
Токсон катар тозоктун
Жалаңкычы
Кадимкидей жаланып.

Жанды кыйнап,
Мыкаачылык ашынды.
Айбанчылык
Айран кылат акылды.
Балдар жазчуу
Тор сызыктуу дептер таап,
Ыза, кордук —
Ыр жаздырат акынды.

Броневик,
Карышкыр ит, кароолдор.
Какыйышат,
Качам десең терең ор.
Ок алдында
Үчөө качып кутулат,
Он кишинин
Жетөө сулап, кайнап шор.
Аман калган
Үч жигиттин биринде,
Виктор берген
Дептер кеткен сызык тор.

Аз да болсо
Акын көөнү тынгансыйт.
Өмүр, өлүм
Жол талашып тургансыйт.
Жок дегенде
Аман эсен калган ыр,
Жүрөгүнүн
Добулбасын ургансыйт.

Көпчүлүктөн
Бирөө сунат гитара.
Ырдасын деп
Сүйлөшкөнго ич ара.
Виктор ырдайт
«Венсеремос» гимнин,
Эл кошулат
Эбегейсиз күч ала:

«Күрөшкө жолдоштор!
Бизде жок башка жол.
Чындыкты коргоодо,
Чегинбе, чептей бол,
Сабыбыз миң, миллион.
Салгылаш, батальон!
Жумушчу табы биз.
Биз жеңебиз! Биз жеңебиз!»

Ырдайт ырчы.
Токто десе токтобой.
Толкун күчөйт
Токтой турган окшобой.
«Керте чапкын
Колдорунун салаасын»,
Офицери
Буйрук берет мостогой.

Ушул жерин
Ооз барбайт айтышка.
Ит көрбөгөн
Кордук салат байкушка.
Салаалардан
Кан диркиреп чубуруп,
Жем болгонсуйт
Жети баштуу жырткычка.

Көзгө урунат
Чили, Чили аялуу.
Көзгө урунат
Жердин кызыл жаны.

Көзгө урунат
Альенде Сальвадор,
Көзгө урунат
Үй-бүлөсү, аялы.

Ырын улап
Ырдай берет кайрадан.
Кан чубуруп,
Акын тили сайраган.
Наган кезеп
Кекиртегин теше атып,
Кара боор
Желдет аны жайлаган.

Кеп айталбай
Кенен дүйнө тарылып.
Кете жаздап
Жүрөктөрү жарылып.
Миңдеген жан
Төмөн салат баштарын,
Киргил дүйнө,
Киралышпай жабылып.

Бирөө ушул
Кыргын тапкан миң, миңдин
Бул сүрөтү,
Бир сааты бир күндүн.
Уулу үчүн
Баатырларча мерт болгон,
Өчүн алат
Баатыр эли Чилинин.

* * *

Бүтүн дүйнө
Бүркөгөндө кабагын,
Москва алды Харанын
Тор сызыктуу барагын*.
Орусчадан
Котором да кыргызча,
Чалынбаган
Гитар күүсүн чаламын:

«Биз беш миңбиз,
Кым-куут түшкөн алакандай бир жеринде
шаардын
Биз беш миңбиз ушул стадиондо.
Биз канчабыз бул шаарда, бул өлкөдө?
Бул жерде он миң кол, сепкен данды,
Бүт кыймылга келтирген станкаларды.
Канчалардын шыбагасы болду ачкалык,
сууктук,
Кыжырдануу, кыйноо-кыстоо, запкы тартуу,
көз жашы,
Азап-тозок, айбанчылык, чыдай албай ууктук.
Эбак кеттик түбөлүккө көбүбүз.
Мобул жигит таяк жеген өлөрчө.

---

* Тор сызыктуу барагын — бул ырды алып качкан адам Чилиден Францияга өткөн. Франциядан Москвага келген бул ыр сөзмө сөз которулуп, «Комсомольская правдасына» басылган.

Мындай ишти көргөн эмес көзүбүз.
Ким ишенет адам уулун ушунчалык урганга.
Эмне кылган шордууну.

Биротоло бул балаадан кутулуп,
Кай бирөөлөр өлгүсү бар.
Тээ бийиктен бирөө боюн өзү жерге таштады
Дагы бирөө башын жарды, там сүзүп.
Эми алардын беттеринде өлүм кеби муздады.
Тири укмуштуу фашизм чарк урушу.
Амал менен айландырып атайы.

Жасап жатат долулугун фашисттер,
Ээ жаа бербей, эч нерсеге карабай.
Кан төгүүнү ишибиз дейт ардактуу,
Өлтүрүүнү эсептешет эрдик деп,
Сен жасаган дүйнө ушулбу Жараткан?

Сен ушуга короттуңбу жети күн,
Колуң менен жасаганың ушуларбы катыгүн!
Бул жерде эми кишилер жок, номерлери гана
бар...
Акыл-эсим эми кайра чукуранып ойгонот.
Коркпой-үркпөй тике карайм мен эми
Танкаларга, солдаттарга, тынбаган,
Ойлобогон ал турмак, элден жүзүн жашырууну
керек деп.

Деги биз канчабыз? Беш миңби?
Жок — бүтүн дүйнө.
Каршы турган күчү зор.

Азайып калды, он миңге уста колдор, өлүштү.
Бирок канча так ушундай
Биз өңдүүлөр, бүтүн менин өлкөмдө?
Каны жолдош президенттин
Пулемёт менен бомбалардан да күчтүү.
А биздин муштум жооп кылып урат дагы
соккусун.
Ах кандай оор ырдашка бул ырды мен.
Туюп турам: жакын ошол көз ирмем...»

Өчпөс жалын
Өркүндөгөн жаш эле,
Өрттөй жигит
Бүт дүйнөнүн досу эле.
Виктор тирүү,
Ырдап жаткан ырында,
Эркин Чили —
Эң биринчи маселе.
Анын сөзү —
Фашисттерге аткан ок.

Чектен чыккан
Пиночеттер оңколоп,
Сантьяго
Салтанаттап Хараны,
Оңу келсе
Орнотушат кололоп.
Албетте
Кептин баары анда эмес.
Андай нерсе
Жок болот да, бар болот.

Альенданын,
Неруданын,
Харанын
Жүрөктөрү
Күйүп турат алоолоп.
Ал жалындар
Чили элине күч берип,
Каптап турган
Кара туман жоголот.

1976

БҮРКҮТ ШАҢШЫЙТ

Партиянын XXV съезди,
Барыбыз билебиз
Өтүп жаткан кезди.
Жер дүңгүрөп анын добушунан,
Күн тийген жак эмес,
Түн түшкөн жак да сезди.

Ачык айтып, ак сүйлөгөн дурус,
Алыстан келди досторубуз,
Кремлден бүркүттөй шаңшыды,
Фидель Кастро Рус:
«Биз кубалык коммунисттер,
Толуп жатат мындай улуу форумдан
Үйрөнө турган иштер.
Биринчи милдетим кыска сүйлөө,
Убакыт өлчөмдүү, билесиздер.

Биз уктук БКнын отчеттук докладын,
Туу кылган турмушунда
Лениндин осуятын.
Баяндап берди жолдош Брежнев
Баатыр элдин окуясын.
Күрдөөлүнөн күүгүмдөр качып,
Күндөй болуп ачыласың.

Коммунисттери Сиздердин өлкөнүн,
Кембагалдарга бошотуп кең төрүн,
Адилеттүү мамлекет түздү,
Жеңишке бөлөп жер-көгүн.
Денесин калтырак басса да,
Дей алмакчы ким төгүн.

Лениндин убагынан бери,
Иштери болуп илгери,
Түбүнөн оргуп кайнаган
Түгөнбөгөн мөл булак
КПССтин съезддери,
Андан жутуп кубаттанат,
Андан окуп акыл алат,
Жер жүзүнүн революционерлери».

Карап турсаң, сүйлөп жаткан Фидель,
Кариб деңизинен соккон жел,
Өзү айткан революционер өзү,
Өмүр сүргөн чечпей бел.

Кайраттуу кара сакалы менен,
Даректай эмен,
Тамыры терең.
Үнү бийиктен, жылдыздан чыккансыйт,
Өзү жерде болгон менен.

«Маркстын, Энгельстин идеясы
Акылмандык менен айтылган,
Көрөгөчтүк менен байытылган,
Лениндин мурасы —

Өчпөс от,
Соолбос булак.
Өлбөс тирүү — Октябрь революциясы.

Баатырдыкка толгон,
Батылдыкка толгон,
Курмандыкка толгон
Тарыхтын баракгары.
Бизге күч берип,
Күрөшкө шыктандырат,
Жүрөккө от жандырат,
Мунун бары.

Орошон тартып Октябрь революциясы,
Фашизмдин чыгып талкан-ташы,
Өздөрү казган көргө кирди,
Өздөрүнүн башы.
Социализм боордошуп,
Сапарлаш болду,
Жетилип куйрук канаты.

Кан төгүлгөн узак күрөштө,
Азаттык алды көп өлкө.
Империализм, колониализм
Талап алган бир кезде жердин жүзүн,
Жашай албайт түбөлүккө.
Азия,
Африка,
Арабия — буга күбө.

Совет эли салып алп күчүн,
Баарынан кечип бакты күчүн,

Сактап калды адамзаттын
Ой, тилегин, үмүтүн.

Азабы зор Ата Мекендик согуш,
Айкашы болду тири укмуш.
Туйлап соккон жүрөгүн
Тууган эл үчүн берди,
Жыйырма миллион уул, кыз!

Зордукчулар, баскынчылар куралдуу,
Зомбулук кылууга кумардуу.
Алар менен алышып, жер силкинтип,
Чайкашта далай ургалдуу.
Советтик жоокерлер —
Жеңилбес баатырларга айланды.

Баарынан башкача булардын куралы,
Бараалына келген убагы.
Баскынчылык эмес,
Эзүү эмес,
Согуш эмес планы.
Тарыхта алтын менен жазылган
Ал курал — Тынчтык урааны.

Тайгылбай жүрүп Лениндик жолдон,
СССР — дүйнөнүн түркүгү болгон.
Көп элге жармач көлөкөсү тийип,
Аман сактап агрессорлордон,
Жамандыкта болгон
Тоодой жөлөк, темир коргон.

Ал эмес сунуп алп колун,
Тартып алган терең ордон.

Болбогондо Советтер Союзу,
Кыйын күндөрдө дал ушу,
Эсин оодарып эчен түрдүү кризис,
Турган кезде,
ойрону чыгып, олуттуу,
Бөлүшүп кирмек дүйнөнү кайра
Капиталисттер салып чуу.

Болбогондо Советтер Союзу,
Чабал өлкөлөрдүн жок каруусу,
Аздыр-көптүр байлыгына ээ кылбай,
Чайнап коймок жырткычтардын азуусу».

Фидель токтоо өзүн карманып,
Түгү сыртына айланып,
Үйөр жүрөт жүрөгүнөн
Сыртынан көрсөң бир калып.

Каш-кабактуу
Калбаат адам парасаттуу,
Караганы кыраакы кыраандай куу,
Салмактуу, салттуу, санаттуу.

Көзүн салат тереңдеп залды термеп,
Канат кагат сөз менен алыс сермеп,
Сүйлөгөн сөзү набаттуу.

Көп эле Кремль бар,
Ал эми Москвадагы Кремль —
Бөштөндүктүн босогосу болгон жер бул.
Көп эле Кастро бар,
Ал эми Фидель Кастро
Кубага тоодой дем бул.
Сексен эки жолдошу менен,
Отуз миң аскерге каршы
Согуш баштаган эргул.

ООНдо омоктуу сөздөрдү сүйлөп,
Сайкүлүктөрдүн эчен
Оозун ачтырган чечен.
Плайя Хирондон
Империалисттердин тумшугун
сындырып,
Жеңип чыккан
Санта Клара сыяктуу
Салгылаштарда нечен.

Социализмдин солдаты бул досубуз,
Москоол түрүнө канат моокуңуз.
Монкадону камагын колун жаңсап,
Бүркүттөй шаңшыйт,
Бүтө электей жумуш:

«Адамзаттын жаңы муундары,
Дүйнөнүн таш талканын чыгарчу
Болушпайт өрттүн курманы.
Создурган достуктун колдорун
Советтик саясат бул дагы.

Бел байлап тынчтык үчүн күрөшөт,
Берекенин беш кургагы.

Жер дүйнөдө жеңиш, өзгөрүш,
Кеңейип жатат күндө өрүш.
Эч ким аны токтото албайт,
Азыр, элдер эмес бир жөргөмүш.

Эч ким таңуулай албай согушту,
Канга бөлөп Ата конушту.
Революция толук ишке ашат,
Азыркы күн олуттуу.
Социализмге, коммунизмге
Келечек бүтүн тиешелүү.
Бара жаткан миллиондор алып туу.»

Ошондо эске түшөт Вьетнам,
Жеңишине кубанасың быяктан.
Токтоно албай мен эмес,
Тоо болсо да өркөчтөнүп,
Толкунданат Тянь-Шань.

Маскара болду аябай,
Америка Кошмо Штаты мактанган.
Уялган жок сөөктөрүн алып качкандан.
Мурун бомба ташыса Вьетнамга,
Кийин өлүк ташыды
Азиядан америкага
Самолеттору асмандан.
Узак жылдык улуу согушта
Жеңип чыкты эл каарман.

Фидель айткандай
Достуктун күчү ушунда,
Адамзаттын ак дилинен жаралган.

Байкап турсаң трибунадагы Фиделди,
Батыш жарым шарынан чыккан бул эрди,
Ажыдаардын алкымынан сууруп
алышкан,
Чоң Антилдеги чор алакан бир элди.
Москвадан — Кремлден
Ай ааламга жар салат,
Антейче басып бул жерди.
Деңиздей чалкып делегаттардын көздөрү,
Үстөккө-босток колдору чабылып,
Залдын ичи жаңырып,
Азыраак Фиделди
Алдастатып жиберди.

Кариб деңизинин бермети Куба,
Кайрат берет буга.
Күч топтогон тозоктуу күндөр,
Сьерра Маестра тоосуна.
Колго тирүү түшпөйүн деп,
Башына мылтыгын такап уктаган,
Жол бербей күчтүү жоосуна.

Жашыл токой жамынган
Сьерра Маестра бул.
Ал жерден экинчи фронт баштаган Раул.
Уялаш эки бир тууган.

Эки жагынан кирип Кубанын,
Соратниктери көккө көтөргөн
Фиделдин ураанын.
Ошентип балбан колдор толгогон
Батистанын кулагын.

Майор Хуан Альмейда негр,
Үчүнчү фронт баштап,
Эрдиктер кылган небир.
Камилье баатыр колбашчы
Кара турманды айдашты,
Көйкашкалар көөдөнү темир.

Хосе Марти, Антонио Мелье,
Бөштондук үчүн бороондой согуп,
Жүрөгүн чапкан бериле.
Фидель Кастро арбагын сыйлап алардын
Адилдик кылып,
Атагын көккө көтөрүп,
Алардын улуу сүйүүсүн
Гүл кылып эккен элине
Ар тоонун бар
Өзүнчө бийик ашуусу.
Ар элдин бар
Өзүнчө жолбашчысы.
Оңой менен туулбай мындай кишилер,
Окшобогон эч кимге бактысы.
Фидель сүйлөйт октос берип күч алып,
Көз алдында Куба, АКШ:

«Атлантиканын ары жагында туруп,
Аябаган зор өлкөнүн

Зомбулугунан кутулуп,
Элдин атынан сүйлөйбүз,
Жаңы турмушту жатышкан куруп.
Бачагарлардын кылбаганы калган жок.
Баш кесерлерди тукуруп.
Бел байлап, көкүрөк тосуп турабыз,
Адамзат үчүн
Акыйкат деген,
Азаттык деген сөз улук!

Бирок кеп башкада,
Кирмек эмес түшкө да,
Ушулардын баары тең
Силердин Октябрь революциясыз.
Биз балапандай уясыз,
Дүйнө болмок бири кем.

Силердин бир туугандык колдоосуз,
Биз жанчылмакпыз болжолсуз.
Силердин Ленин курган өлкөсүз,
Өрт өчкөндөй болмокпуз.
XXV съездин жүргүзүп жаткан
Силердин Компартиясыз
Баары болмок пайдасыз.

Мен сүйлөбөйм бөлөктөрдүн атынан,
Бирок ачык айта алам:
Европадан болобу,
Азиядан болобу,
Африкадан болобу,
Же болбосо Латын Америкасынан,

Күрөшкөн эл күнөм кылбай досунан.
Так эле биз өңдөнүп колдоо табат,
Советтик Коммунисттерден дасыган.

Чындыгына келгенде,
Адал жүрөк, айкын сезим,
Акыйкаттык бар жерде,
Кылым, кылым унутулбайт,
Кылган жакшылык тар жерде.

Алакан менен күндүн бетин далдалап,
Ким көрсөтпөй кала алат.
Бузукулар,
Ушакчылар,
Чыккынчылар
Чыныгы тарыхты кайдан жаза алат.
Маа десе фашисттер болсун,
Маа десе буржуйлар болсун,
Же маочулар болсо да,
Алардын тарыхын өзү жазалап,
Жоготот көзүн тазалап.

Ар дайым булар умтулат,
Жамандыкка түрүп кулак,
Беделин түшүрүүгө силердин өлкөнүн,
Чындыктын оозун кулпулап,

Андай беделге Совет эли,
Азап тозокко түшүп Мекени,
Эрдиктер менен,
Эмгектер менен жеткен,
Ааламда теңдеш жок чени.

Советтер Союзунун урандыларына
Миң жылдык империя курарына —
Гитлерчилер дагы ишенген,
Ойрону чыккан ой мына!»

Тарыхтын кармап тамырын,
Таамай сүйлөдү таап ыгын.
Чечендин көркү чебер ой,
Кастро черин жазды барынын.
Гес Хол кубаттап,
Германиялык делегаттар баштап,
Күүлдөтүп алакан чабышат,
Күчөткөндөй дарыянын агымын.

Башка бир планетадан түшкөн алптай,
Че Гевараны эске салат.
Чоң сакалы көкүрөгүнө батпай.
Барын камтып сүйлөсө
Калабы деп ойлойсуң,
Башкаларга сөз артпай:

«Биздин Кубанын эли
Кубанычтуу чын жери,
Силердин улуу өлкө менен
Байланышып, баарлашып,
Барганына илгери.

Советтер Союзу
Берсе да жардам чечкиндүү,
Күнкор кылган жок эч кимди.
Мен палан кылдым,

Сен түлөн кыл деп,
Кара өзгөйлүк жасаган жок,
Капиталисттер шекилдүү.

Өкүм сүргөн миң жылдап эрегиш,
Эгоизм, кара күч.
Октябрдан соң гана болду,
Олуттуу кайра төрөлүш.

Качан эле майда өлкөлөрдү биз өңдүү,
Тоото коюшчу эле,
Тоодой өлкөлөр күрдөөлдүү.
Болгон эмес эч качан тарыхта,
Боордоштук мындай үрөндүү.
Социализм гана кыла алмак,
Кеменгерчиликти бул өңдүү.

Бүгүнкү күндө
Капиталисттик дүйнөдө,
Баалар жогорулап,
Маяналар төмөндөп,
Жумушсуздар көбөйүп,
Журт байлыгы азайып,
Жакырчылык жан кыйнап,
Миллиардерлер митедей соруп бийлөөдө.
Келечектен үмүтүн үзүп,
Чакчелекей будуң-чаң түшүп,
Согуштун отун үйлөөдө.

Жолдош Брежнев жасаган доклад,
Тынчтыкка берип күч-кубат,

Революциялык терең ойлордун,
Түшүнүгүн берип отурат.

Ушундай улуу революциялык
Эрдиктерди чыгарып,
Эбегейсиз иш кылган кишини,
Партияны —
Баркына жетип сыйлайлык.

Түбөлүк даңк
Владимир Ильич Ленинге!»
Аплодисменттер.
Алоолонгон жалын илебинде.
Кошулуп кол чабат Фидель,
Түйшүктүү күрөштүн
Издери бар иреңинде.
Кыраакы көзүн салса,
Кадимкидей кашка башын таянып,
Кылымдын улуу көсөмү
Иштеп жаткансыйт Кремлде.

1977

КАРАМОЛДО

Көл жээги — сендеги
Көңүлдүн эрмеги.
Эки дос элдеги,
Сергектин сергеги.
Сырдашат, мүңдашат,
Жазылып черлери.
Орто бой карасы,
Жорголоп салаасы,
Комузун колго алып,
Кылдарын сермеди.
Мандашын токунуп,
Марчайып отуруп,
Дос боюн термеди.

Жел болуп аңкыган,
Көл болуп чалкыган,
Ал Карамолдокем.
Жанында жамбаштап,
Куйкумдуу сөз таштап,
Жаткан ким болду экен?
Ал Орозакуну,
Айылдын акыны.
Каркайган чоң киши

Калкынын жакыры,
Ыр менен күүгө бай,
Адамдын ачыгы.
— Бул күүң жаңы экен,
Бирдеңке бар экен,—
А Карамолдосу,
Баш ийкеп, тил қатат
Жолунда жоргосу:
— Бар бекен?!.. —
Анда Окем:
— Бар эмей, чала көр!
Ботойго сала көр,
Канаттын дуусу го...
Куштардын чуусу го,
Шуулдайт, куулдайт,
Көлдүн ак куусу го...
— Күүсү меники,
Куусу сеники.
Өңүңдөн аздырды,
Ак куунун келиши. —

Ошентип комузчу,
Оргутат добушту.
Он салаа он солдат,
Баш болуп баш бармак.
Ишинде болушту.
Биригип билектен
Кууларды корушту.
Баш, жүрөк генерал —
Башкарган согушту.

Сыйкырдуу колдору,
Комузда шартылдап,
Күрөө тамыры
Күржүйөт балкылдап,
Комуздан күү учат.
Күү менен куу учат,
Асманда калкылдап.

Учат куу, учат куу,
Тоо менен үч ак куу.

Энесиз эки куу
Атасын кылат туу.
Ал арман момундай
Аңгеме сыяктуу:

I

Ата куу үч жүздө,
Жол тарткан кеч күздө,
Бөксө тоо, бөрү бел.
Түгөнбөс токой чер,
Эсепсиз баскан жер.
Өзөн, суу — баарына
Өздөрү эгедер.
Конушуп Балкашка,
Жамынып жар ташка,
Карылык жеткен соң,
Каруудан кеткен соң

Карт эне мерт болгон.
Үчөөнүн жүрөгү
Үйрүлүп өрт болгон.
Ата куу акыры
Өлмөгү шерт болгон.
Ата куу алдастап,
Аскага бой таштап,
Өлөрдө быркырап,
Өлбө деп чыркырап,
Алдынан тосушуп,
Балдары далбактап,
Атасын калышты
Ажалдан бир сактап.
Кагылбайт канат да.
Кайгырып талат да.
Энеге күйүшүп,
Татышпайт тамак да.
Жыялбай эс учун,
Унутуп учушун,
Кайрылса көп куу жок,
Ата куу томсорот:
«Кетиптир бүт ак куу,
Калыппыз үч ак куу,
Ашуучу бел кайда?
Кышында тоңбогон
Балырлуу көл кайда?
Эл кайда?
Бел кайда?
Көк ирими көл кайда?
Так сүйлөп комузу,
Тарсылдайт күү кайра.

Жең түрүп бек чалат
Жетпестей чапкан ат,
Кайраттуу комузчу,
Ой менен олуттуу,
Сергилет каш кабак.
Карагай капкакта
Колдору кайкалап,
Өзүнүн кулагын
Тоскону байкалат.

* * *

Учат куу, учат куу,
Сабалап үч ак куу.
Чөп бышып кызарган,
Күн дагы узарган.
Ак куулар адашпай,
Чыкса экен тумандан.
Шылдырап булагы,
Шыбырттап тулаңы,
Керилет кең өзөн
Кетпестей кунары.
Караган адамдын
Канбастай кумары.
Казактын, кыргыздын
Кадимки турагы —
Тоо — Челек, Тоо — Челек,
Ышкырат улары,
Шаркырап комуздан.
Шар агат суулары.

Тоо теке аскадан
Аскага аттаган.
Арчанын арасы
Кайнаган таш казан.
Жаш мерген көзгө атар
Атасы Асказан.
Казанын астырып,
Катынын шаштырып
Кетчү экен кийикке,
Кайтчу экен олжолуу,
Чыкпастан бийикке.
Асказан атыгып,
Болуптур аты улук.
Ошо карт мергенди,
Билиптир макулук.

Капталдан борчуктуу,
Калдактайт үч ак куу,
Канаттан күү чыгып,
Күү болуп ышкырык,
Мергенди каратты.
«Челектен кышка жуук
Куу өтөт дечү эле.
Көрбөйм го бейишти,
Барсам да Мекеге».
Үч куунун башкысын
Мээледи чекеге...

«Асылы куштун деп,
Ал өзү куттун деп,
Түк бир куу атпаган.

Түп атам Асказан.
Бузбайын салтымды,
Бууланды ташказан».

Аңгыча бир бүркүт
Асмандан жин бүркүп,
Күркүрөп качырды,
Ак куулар калды үркүп.
Жаш мерген жүгүрөт,
Жанынан түңүлөт,
Шыкаалайт, үңүлөт.
Мылтыгы тарс этет,
Кара зоо карс этет.
Ок тийген канкоруң,
Оңколоп жалп этет.
Айлана жаңырып,
Жер, асман жарылып,
Чагылган чарт этет.
Түтүнү түрүлүп,
Ак куулар жарк этет.
Кийиктер бийиктен
Кишидей селт этет.
Убакыт учкан куш,
Сымаптай мөлт этет.
Бардыгы — мүнөттө
Өткөнүн жүрөккө
Түйүп ал, сен секет!

Калкынын мергени,
Кадырман элдеги.
«Кап кайран бүркүт!— деп,

Кайгырат кайра эми. —
Мындай эр болобу.
Мыктыдан желдеги».
Кыраандын ажалы —
Кыраандык азабы.
Ааламдан ким табат,
Ак куудай тазаны.

Ак куулар, ак куулар,
Аял зат аттуулар.
Пейили ак болсо,
Периште нак булар.
Кыздар да куудай ак,
Кыялдуу жылмаят.
Асылдын асылы,
Дүйнөгө нур жаят.

Учкан бул үч куу,
Тоо кыркып урчуктуу
Аскалар жол бөгөйт.
Ак куулар жөргөлөйт.
Каардуу бел, касаба,
Түн кирсе не чара,
Буюкту, куюкту,
Муздады бечара.
Канатын серпе албайт,
Калканч жер тандайт
Караңгы, кар, бороон,
Аркансыз аркандалат.
Корголоп коңулга,

Кош канат алдында,
Эки куу бар мында.
Ата куу алы жок,
Заманы тар мында.
Канатын калдайтат,
Бүтпөгөн зарды айтат:

«Балдарым, балдарым!
Күчөдү зардабым!..
Ач бел, куу жондо
Калганым — арманым.
Көңүлүм көксөгөн,
Көк көлгө барбадым.
Көрсөтүп силерди,
Көөлгүтүп канбадым.
Кырсыктар бир чалбайт,
Бир чалса тим чалбайт.
Картайган жүрөгүм,
Силерден тынч албайт.
Бир болгула көп менен,
Бир сызгыла көк менен.
Мурас кылат силерге
Аппак жолун ата-энең.
Канат каккын алыска,
Катуу болгун намыска.
Эки кылба жүзүңдү
Эптеп жанды багышка.
Ак куу сенин атагың,
Акыл айтып жатамын.
Кереметтей туткула,
Бул керээзин атаңын.

Адилдикти туу кылгын.
Арамдыкты чуу кылгын.
Калыстыкты калкан кыл.
Калптын ташын талкан кыл.
Балдарым, балдарым,
Силерде кан-жаным.
Муз менен таш денем,
Эми жок жардамым.
Эл кайда?
Мен кайда?
Энең жок маңдайда!
Көк көлүм!
Көк көлүм!
Кошкула, жетти өлүм!..»

Көрүп тур ошондо,
Какеңдин черткенин:
«Көк көлүм» деп сүйлөтүп,
Кылдарды серпкенин.
Көшүлүп көздөрү
Сүзүлүп кеткенин.
Карт куунун карт жаны
Кыл менен тырс этип,
Үзүлүп кеткенин.
— Өлө көрбө Молдоке[1].. —
Өкүлдөп сүрөп алды Оке,
Өлүмдү даана көргөндөй.
— Жинди болуптурмунбу,

[1] Молдоке — Карамалдону улуу, кичүү дебей, «Молдоке» деп чакырыша турган.

Сенден мурун өлгөндөй... —
Деп коёт анда комузчу
Коңур киши дердеңдей.
Калпагын түзөп кыйшайган,
Кара мурут сербеңдей.
Мен олтурган кара таш
Калбаса жалгыз термелбей.
Термелет бүтүн теребел,
Табигат күчүн жеңгендей.
Үч кылга байлап ааламды,
Кылымдан кыймыл келгендей.
Ак кууну жоктоп Ала-Тоо,
Алдыңдан чубайт кербендей.
Ак булут көчөт асмандан,
Күчүнө күнүң тең келбей,
Ысык-Көл толкуйт ак жалдуу,
Ызгаардуу шамал жел келбей,
Чуудасын чубап ак каймал,
Ак карда жеңил желгендей.

Маң, маң, маң баскан,
Чуудаларын чаң баскан,
Айры өркөчүн ком баскан,
Төрт аягын тең баскан.
Деп акындар айткандай,
Таңшып комуз талбастан
Карамолдо күү чертет,
Кайратынан жанбастан.
Колоп чуркап кол ойноп,
Кардай жаап бороилоп,
Кулак курчу канбастан.

* * *

Мекени жылдыздын
Казактын, кыргыздын
Ашууусу Челекте;
Кар элейт элекче!
Таңатар атпаста,
Алдында ат кашка,
Аңдарын артынып,
Асказандын уулу,
Жаш мерген келатса,
Бекиген бел ошо,
Басылган борошо.
Омуроо кар жиреп,
Омбулайт мал ошо.
Эки куу калдактап,
Канатын балдактап,
Асканын алдында
Куу да аппак, кар да аппак.
Тунжурап мемиреп,
Касаба керилет.
Аскалар берилеп,
Ак булут арылап,
Адамдан чегинет.
Асканын коңулу,
Жетпеген добулу.
Атынан эңкейсе,
Чоң ак куу калдаят...
Чоң мерген далдаят...
Өлүптүр ата куу,
Ааламдын акагы.

Каякка качалат,
Келгенде катары.
Эки куу — бала куу,
Канаты ала куу
Жүрөгү жаралуу.
Качалбай каржалды.
Учалбай кармалды.
Чапанга чак ороп,
Асказан жоголот.

Аркада ашуу бел,
Алдыда Ысык-Көл,
Арчанын башында,
Жел согот керимсел.
Жанданып эки куу,
Жаш төгөт армандуу.
Кишини сезгенсийт,
Кири жок жардамдуу.
«Тоолордун ээси мен,
Ойлонор мээси мен.
Куу деген кут болсо,
Табармын нээтимен.
Эки куу эгизим,
Мына көл деңизиң»!
Ал мерген учурду,
Асмандын перисин.
Моюндар түзөлүп,
Жебенин огундай
Тумшугу кыпкызыл
Сөксөөлдүн чогундай.

Комуздан күү учат,
Күү менен куу учат,
Куу менен дуу учат.
Билгенге дүйнө бир,
Бир бирин туушат.
Күү болсо күңгүрөйт,
Күңгүрөйт, дүңгүрөйт.
Сабалап эки куу,
Саңоору үлбүрөйт.

Өңүнүн карасы,
Кишинин данасы.
Оролу кырк беште
Ороздун баласы,
Безентет жыгачты.
Беш колдун салаасы.
Асмандан угулат
Ак куунун авазы.
Жалындуу жаш үмүт.
Жашоонун дабасы.

Ысык-Көл чалкыган,
Көп ак куу калкыган.
Жер кезип эки куу,
Жетиптир артынан.
«Эл мында!
Көл мында!
Эки куу кел мында!»
Так сүйлөп бул сөздү,
Табышмак бар кылда.
— О чиркин дүнүйө,

Караал жок бул күүңө!—
Деп Окең багынып,
Комуздун тилине,—
Колдо бар алтындын
Баркы жок деген чын.
Бир жүрүп билбейбиз
Сага жок коёр сын. —
— И анан Орозакун,
Экөөбүзгө чен барбы?.. —
Деп гана коюшту,
Эп көрөт комузчу.

Көл толкуп шарпылдап,
Ак куулар калкылдап,
Батар күн кызарат,
Ак түсүн алтындап.
Ак шумкар келатат,
Асмандан баркылдап.
Көп кууну качырды,
Көп өрдөк чачылды.
Элеет эки дос,
Комуздан колу бош.
Ак кууга бир тийди,
Ак шумкар жолу бош.
Атылып чыкты куш,
Жарк этип заматта.
Баркылдайт бир укмуш,
Чабылып канатка.
Теминет ак куулар
Тереңге, ыраакка.

Пароход батыштан
Чыгышка ашыккан.
Кыргызыя дешет эл,
Кызылын ташышкан.
Тартылат кербени,
Байытып жергени.
Соко дейт, мала дейт,
Соогатка бергени.
Ак куулар жол берет,
Канатын чоң керет,
Алыскы ак ирим,
Айырма көлдө көп.
Топтолуп конгондо
Толкундар өңдөнөт.

Эки дос баш чайкап,
Жээктен кеч кайтат.
Кумардан канышып,
Тиштерин кашкайтат.
Маңызын чыгарып,
Маанисин башка айтат.

II

Анда мен жаш элем,
Кыялга мас элем.
Жыңайлак, жылаң баш,
Ооздуксуз ат элем.
Атамдын жанында
Жазылган кат элем.

Дапдаана эсимде:
Нур сүзүп бетинде,
Чай куюп олтурган,
Дасторкон четинде,
Келбеттүү бир аял,
Ай десе аркы жок,
Күн десе көркү жок.
Сулууга суктанбас
Эч кимдин эрки жок.

Чаалыкпас өмүрдө,
Чарчоо жок өңүндө,
Молдокем күү чалат,
Боз үйдүн төрүндө.
Байкасам баягы,
Үч куунун баяны.
Ак шумкар баркылдап,
Токтолгон аягы.
Кулактар угууда,
А көздөр сулууда.
А сулуу чай куюп,
Акырын сунууда.
Бардыгы ыраазы,
Сулуунун иши — сулуу да!
— Рахмат, молдоке!
Куш салдың өрдөккө.
Журт келди көрмөккө.
Ал кушуң куу алды,
Күтөбүз аянбай,
Сиздердей тууганды.
— Киши эмес, бекер деп,

Казактар чечен деп,
Аябай жактырып,
«Жакшы аял мекен» деп,
Чалагыз, Белекчилер,
Сүйлөшөт меселдеп.

Карамолдо баш ийкеп,
Шар болуп шаттуу кеп,
Сулууга суналган
Ат коёт «Аккуу» деп.
Туштуштан Аккуулап,
Тойдогу эл дуулдап.

Орозакун той ээси,
Аккуу экөө үй ээси,
Үйлөнүшмөк жаңыдан
Түштөн болуп түлөөсү.
— Чала турган комузду
Чакемдин бар — дейт, жүйөсү.

Чакеси Чалагыз,
Чалганын байкап караңыз.
«Кара сакал молдокем,
Кайда жүрөт болду экен».
Деп жүргөн келиндер,
Так ушул абаңыз.
Комузчу, акын кызыл жүз
Адамга кулак салабыз:

«Карамолдо, Каптагай,
Орозакун, Чалагыз.
Ол төртөөбүз кошулсак

Ойлоп акыл табабыз.
Ой менен тоодо бир жүрүп
Ойноп бир өскөн балабыз.
Каптаган ырчы болсода,
Калың топту жарабыз.

Карагай-Булак, Чоң-Ак-Суу,
Көлдө бир жаткан көп ак куу.
Ак кууну алган шумкарга
Бадарке берем кызыл туу».

Сөз эмес бекен деп,
Эл айтып эчен кеп,
Чай кайнам болгондо
Чарчады Чакем деп,
Капыстан калышты
Ырдасын Бекем — деп.

Комузду колго алып,
Жан билбес күү чалып,
Түк билген эмесмин
Өнөрүн мынчалык.
Белектин обонун
Эл укту тынч алып:

«Сен алдың Оке, Ак кууну,
Чалагыз куру келиптир,
Чабыттап жүрүп Ак-Сууну.

Жамыйдан тарттым азапты,
Катын кылып мен алдым,
Шиштей кара казакты.

Жамый бир кудайдын каары эле,
Каарлыгы болбосо,
Бир айылдын шаары эле.

Өзү бир бүркүтчүнүн кызы эле,
Оймоктуунун узу эле.
Сүйлөгөн сөзү түз эле.
Сүйбөгөнгө муз эле.
Оке, мага дагы бак конор,
Баккан ээси жарашса,
Кара катын ак болор».

Боорлору катышып,
Сөздүн даамын татышып,
«Коркондорун»* айттырды,
Баары болбой жатышып.
Айт Беке дейт Аккуу да,
Күлүп жатып бети ысып.

Окендин колу бошобой,
Ак куунун бети жошодой.
Кыдырата чертишти,
Кыдыр, Касым, Бекбаштар,
Кыйынынан Усуп бар,
Абдыракман сологой.
Бул айылдын салты ошол,
Бир бирден күү толгомой.

---

* Коркондорун — башынан өткөн күлкүлүү окуялары.

Орозакун кел деп,
Өзүң ырдап бер деп,
Карамолдо каалайт,
Анан чертем мен деп.
Коңур үндүү Окең
Комуз кылын сермеп:

«Ак куунун тою алтын күн,
Ак шумкар аба жарчу күн.
Ак куунун чапса канаты,
Шумкарың,
Алалбай кетип калчу күн.

Сен жашылын кийдиң күрмөнүн,
Мен жакындабай сүрдөдүм.
Кебин кийген ак куунун
Акундун кызы —
Айчүрөк болуп жүрбөгүн.

Сынасаң сыным толбойбу.
Асылды асыл кордойбу.
Канатыңа жапшырып,
Сен мени камтый кетсең болбойбу.

Калдайган казак элинен,
Челектин ашып белинен,
Айланып учуп сен келсең,
Алдыңдан тостум эми мен.

Молдокем күйөө жолдошум,
Комуздун черткен ордосун.

Сырлары терең күүсүнүн,
Сыныца кантип толбосун.

Билемин десең эл мына,
Сүзөмүн десең көл мына.
Мойнуңду созуп сен ак куу,
Сүйөмүн десең мен мына»...

Үн салат, күү чалат.
Сүрөөндөр күч алат.
Кымыз да куюлат,
Чайкалып чоң чанач.

Сүрөөнчүл бек чуркар,
Ырында улантар.
Океңдин боз үйү
Кеңиди мурун тар.
Ак куу да жылмаят,
Термелди терең шар. —

«Кайгылуу күндө төрөлгөн,
Кадырлуу сыйга бөлөнгөн,
Калтар чач Какиш турбайбы ээй,
Тээтиги, карагайга жөлөнгөн.

Эркиз күндө төрөлгөн,
Эркинче сыйга бөлөнгөн,
Эркем бир Ак куу турбайбы ээй,
Тетиги эшигине жөлөнгөн!

Кашатта калкоз Иленин,
Кадырың алтын билемин.
Кадырың Ак куу билбесем ээй,
Менин калбайбы токтоп жүрөгүм.

Казатка кирсем мен аттап,
Качырса душман кабаттап,
Семетей болуп ок жесем
Огумду түшүр сен аттап».

Деп Орозакунуң,
Ардактап катынын.
Жылдырат кымыздан,
Жылмайып акырын,
Чылбырдай чубалган
Өрүмүн чачынын.
Кармалап караса
Адашат акылың.
Абдыкерим, Маасылар,
Максут, Керим Казылар,
Молдокем чертсин деп
Айталбаган анты бар.
Чечилгенде өзү эле
Чекеден тер сызганча
Черте турган шарты бар.
Камбарканын колхоздун,
Күүгө толгой баштады,
Карамолдо каркыбар.

ЭПИЛОГ

Ак куунун дабышы,
Адамдын намысы.
Бир ишти айтпасам,
Кетер сөз калысы.

Эмесе ал мындай,
Айтаарым арбындай,
Кыскарта чабайын,
Жарымынын жарымындай,
Асмандан түштүбү,
Айланып жар мындай?

Отузунчу жылдар...
Оор болду сындар!
Кыйналдык, кысталдык,
Кыңгырады кылдар.
Ач, арык көп болду,
Билбеген ким бар?
«Азыр го молдук,
Төгүлдүк, толдук.
Тепселди жерде
Терилер тондук. —
Дейт бүгүн карттар,—
Армансыз болдук.
Эмгекти биздин
Билгиле балам.
Келген жок өзү
Кең бойдон заман».
Айтпайсың кантип,
Ак кууну анан.

Эжелүү, синдилүү,
Элдиреп жан тирүү...
Атасын, энесин.
Ал түгүл күйөөсүн.
Ач ажал оп тартып,

Алганын бил өзүң.
Азышты, тозушту,
Тумандай бозушту.
Тентиди, тербелди,
Кыялдан озушту.
Жаш жубан, көз туман,
Ак бетин жаш жууган.
Синдисин ээрчитип,
Кем эмес ак куудан.
Турмуштун шамалы,
Ашырган ашуудан.
Кол созду далайлар,
Таптым деп оңой жар,
Сулуудан кагуу жеп,
Суз тарткан андайлар.
Тогураак көл боору,
Ачыраак обору.
Ак шишик алышып,
Көбү тың, көбү оору.
Чарбанын ал кезде,
Чамасы саналуу.
Турмуштун кааты бар,
Өлүмдүн сааты бар.
Тагдырга талаш жок,
Алчысы, таасы бар.
Жаш сулуу жайнаган,
Калтардай чачы бар.
Чап жаак, кыр мурун.
Канаттай кашы бар.
Келишти жайында,
Так биздин айылга.

Улуусу жагыптыр,
Окемдей шайырга.
Жагыптыр Окем да,
Кеч күздүн айында.
Укпаган керең го,
Сезбеген серең го.
Бардыгын байкаган,
Алтынын чайкаган,
Молдокем берен го.
Күңгүрөп толкуган,
Күүсү көл терең го.
Күү кылып Молдокем,
Ыр кылып алды Окем.
Кичүүсү жаш Баян,
Өзүмдүн жеңекем.
Баарысын бир кошуп,
Эритип бербесем,
Жүрөккө жүк кылып,
Жүрүүчү мен бекем?!

ЖӨӨСАЛАР

Жомок эмес болгон иш,
Жок экенбиз анда биз

Асманда шаңшыйт кош бүркүт,
Айланып учкан бош бүркүт.
Ак-Терек боюн жердеген,
Айтышып сынчы жеңбеген,
Кулагын салып Кутумбет,
Куучегир экен ушул деп,
Чыргасын тартып кыйтуулап,
Жаңыртып жерди кыйкырат.

Бүркүттүн бирөө төмөндөп,
Адамдан коркпой өлөм деп.
Күркүрөп келип конуптур,
Адамдар аң таң болуптур.
Тескейлеп көлдүн кылаасын,
Тең салып бүркүт, ылаачын,
Карыган ушул Кутумбет,
Канатын сылап эпилдеп,
Бир кезде коё бергемин,
Унутпай көрчү келгенин.
Кутулчу эмес куу түлкү,
Камдаса катуу чеңгелин.
Он эки жылы куучегир,
Колумдан ушул жем жедиң.

Тетиги куу чокудан,
Элиңе өткөн эмгегиң.
Мен өңдүү карып калыпсың,
Барагой эркин желдегин.
Ушинтип туруп Кутумбет.
Учуруп аны жиберет.

Ак ала чаптуу Куучоку,
Абалкы күнү болсочу.
Кондуруп коюп бүркүтүн,
Кагуучу чаптын түлкүсүн.
Кутулбай андан качкан аң,
Куучегир салчу капсалаң.
Аталган ошол туу чоку,
Кутумбеттин куу чоку.

Капсалаң түшүп эл көчүп,
Жарды, байы тең көчүп.
Баштарын жоодон калкалап
Тоң ашып, тоону аркалап,
Ысык-Көл сырты Балгартта,
Ырыскы чачкан ал картка
Чүкөсү чыгып бетинин,
Укмуштун ачып эшигин,
Көзүнүн оту чачырап,
Сүйлөшүп дөңдө олтурат.

Көк ала барчын көп салган,
Көргөнүн айтып кеп салган.
Көгөргөн көктү көп карайт,
Көнгөнүн такыр таштабайт.

Бир канаты кулач бар,
Бир башкача жылас бар.
Булутту бузуп, муз бүркүп,
Буулугуп учат бир бүркүт.
Кутумбет карап болгон соң,
Купулуна толгон соң:
«Канаты кетик өндөнөт,
Карышкыр алган бул демек.
Жаңылбасам бир белгим,
Бүркүтү эмес бул жердин.
Абалтан берки айтылуу,
Какшаалдын кара барчыны.
Кара бороон каргаша,
Калыбы муну биз жакка,
Жел оодарып келиптир.
Жер үшөп капа чегиптир.
Айтты, койду дебегин,
Алыска кетпейт берегиң.
Бир зоого барып уялап,
Балапан басып чыгарат.
Непаада колго тийсе балапан,
Түгөнбөйт анда тамашаң.
Кыраан чыгып ченде жок,
Кызыкты салар элде жок».

Асмандын учкан бүркүтүн,
Бир көрүп алып минтишин,
Уккандар туура көргөн жок,
Улама сөз деп жөнү жок.
Айтышты минтип ал турсун:
«Кутумбетти ант урсун

Билет, билет десе эле,
Жетиктей өзү жеке эле,
Ыманы жок бир сөздү айтат,
Ыкташпай турган деги эле».
Туштушка басып кетишкен,
Туш кылып аны жемеге.

Жанында калды торпокчу,
Жаш бала сөзгө ортокпу.
Унутуп жайган торпогун,
Укмушун угат эң сонун.

Кутумбет көптү көргөн жан,
Куштарды тааныйт асмандан.
«Калжырай берсин кай бирөө,
Караңгы түндө ай бирөө.
Баркымды билбес мен бирөө,
Баркалбас кулдан сен бирөө.
Кайталап сурап кумарсың,
Бүркүттүн кабарын бир күн
угарсың.
«Куур тондун ичинде,
Куурасын жигит өлбөсүн.
Тери тондун ичинде,
Тердесин жигит өлбөсүн».
Деген сөздү унутпа,
Дем кылган жетет булутка.»
Туурук кол, туурук бети бар,
Тубаса акыл эси бар,
— Ыраазымын ата дейт,
Ар сөзүң алтын сака дейм.

Кудуңдап тосту торпогун,
Кулдуратып куур тонун.

* * *

Жортуулдап кырды кыдырган,
Жойкундап сыртты сыдырган.
Карышкыр чыкты бир үйүр,
Калайык тартты бүлүгүн.
Далайды булар какшатты.
Далдаага кирип баш катты.
Төөсүнө чейин чөгөрдү,
Төрт бутун ээси өңөрдү.
Тарпы жок жеди тайларды,
Талашып жеди каймалды.
Жырткычта мындай зулум жок,
Жылкысы менен кулун жок.
Кийикти музга камаптыр,
Өлүгүн ар ким санаптыр.
Короосу менен койду айдап.
Сапырып жеди сайсайлап.
Топ карышкыр дөгүрсүп,
Тобун бузду бир бүркүт.
Бүркүттөн башка чоң бүркүт,
Тең келбейт ага он бүркүт.
Кыраандай чалып ой, кырды.
Кылмыштап бирден той кылды.
Ачкөздөр бирден кемиди,
Азайды малдын өлүмү.
Жем кылды бүркүт жарымын,
Жектердин басып арымын.

Канаты сынып тиш тийип,
Кандарын төгөт ич күйүп.
Топтошкон үйүр карышкыр,
Тобунан бирөө калыптыр.
Кетилген сайын канаты,
Кектеген салтын карачы,
Аны да бир күн алыптыр,
Кызылдай кыргын салыптыр.

Каяктан келген бүркүт деп,
Карааның көргөн жан тиктеп,
Таанылды сырттын элине,
Таранды соккон желине.
Түнөгөн жери кара зоо,
Түлөгөн жери дагы ошо.
Тууган жери кара зоо,
Туурлаган жери дагы ошо.
Жемдеген жери кара зоо,
Желдеген жери борошо.
Топ карышкыр тонолду,
Топ үйрү менен жоголду.
Канатын бөрү чалганга,
Каарына келип калганга,
Желигип учуп жер чалат,
Жеткенин алат будалап.

2

Бурулуп күкүк үндөрү,
Буруксуйт жайдын күндөрү.

Улардын тынбай үндөрү,
Укумуш го жайдын күндөрү.
Бакырып илбирс күркүрөйт,
Бадалдан элик шабырайт.
Бүркүттөр сызган асманы,
Бүтпөгөн сырттын дастаны.

Тогунун күндө тою бар,
Ачынын ар кыл ою бар.
Малы бардын алы бар,
Малы жоктун зары бар.
Зар какшаткан далайды,
Заманынын тары бар.
Уңулдап ыйлайт бир бала,
Угузбас суунун шары бар:
«Түнөгөн жерим босого,
Күндүзү кулмун ошого.
Жумушун кылып суу алам,
Жууратын берсе кубанам.
Талканды жыргап татпаймын,
Талашып жесем батпаймын.
Ата деп кимди аркалайм.
Башымды кайда калкалайм.
Тентисем тегиз эл кайда.
Куюксам куттуу жер кайда».

Томолой жетим торпокчу,
Тозоктор менен ортокпу.
Моюну кычы, капырай,
Буттары кара маасыдай.
Кайышып далай карды ачкан,

Кымырып, кымтып жан баккан.
Карарып карга шыйрагы,
Таштарды басат тайбастан,
Баланын түрүн байкасаң,
Тоногон жаман тайлактан.
Баркалбас дешет баркалбай,
Балдарга сүйлөйт жалтанбай.
Торпогун тосту бадалга.
Көөдөнүн тосту шамалга.
Шукшуруп бүркүт канатын,
Шуулдатып тоонун абасын,
Бадалдын башын жапырып,
Байкоосуз жерден качырып,
Чеңгелдеп учту торпокту,
Чекчейип карайт торпокчу.
Канаты эмес канаттай,
Кетилген эски тарактай.
Тамтыгы кеткен арсайып,
Таң калат бала аңкайып.
Канатын кагып шартылдап,
Камбылың учуп калкылдап,
Торпогун эңип баратат,
Алдында көк жар, ала чап.

Эмне дейт эми ээсине,
Кайнатар майды мээсине.
Кур дегенде тарпы жок.
Кутулар анын чаркы жок.
Бышактап ыйлап бырылдап,
Таягы колдо зырылдап,
Торпогун тозуп айдады,

Ойлорго түшүп кайдагы:
«Кутумбет айткан кушу экен,
Кетик канат ушу экен.
Уясы кайда болду экен.
Узагы күндүк жол бекен.»
Уяда бар деп балапан,
Укканын ойлойт эбактан.
Өзүндөй кыраан болот деп,
Өрнөктүү чалдар кылат кеп.
Көзүнөн жанып от ойноп,
Жүрөгү туйлап ат ойноп.
Кыдырып асман, жериңди,
Кыялга бала чөмүлдү.
«Торпокту эми таштайын,
Токтоп тур, кызык баштайын
Дем кылган жетет булутка,
Дегенди башым унутпа».

Кең далы, келте мурундуу,
Туурук бет, сөзгө турумдуу.
Карарып көзү чөйчөктөй,
Эркектин түрү эркектей.
Эч кимге сырын айткан жок,
Жок жерден тапты бир
торпок.

Торпогун туюк сойгон соң,
Бышырып этке тойгон соң,
Келчү жер кетик канат деп,
Кез болсо мени алат деп,
Четине барып бадалдын,

Чекесин ачып амалдын,
Бардыгын ойлоп бар жоктун,
Кебин кийип торпоктун.
Калыңдап арка чопкутун,
Кадиксиз кылды туштушун.
Төрт аяктап Баркалбас,
Торпок болду байкалбас.

Жылдызда бүркүт бийиктеп,
Жылганы карап кийиктеп,
Торпокту көзү чалгандай.
Токтоосуз учуп кармалбай,
Шумдуктуу кетик канат да,
Шуулдатып келип заматта,
Бөктөрүп кетти торпокту,
Бөжүрөп баскан «коркокту».
Саландап барат Баркалбас,
Сапардан кайра тарталбас.
Аябай бүркүт мыкчыса,
Акырын деп айталбас.
Тырмактан бошоп асмандан
Тырмышып жерге кайталбас.

Шаркырап аккан суулардан,
Шамалдай өттү булардан.
Малы-көп майдан төрлөрдөн,
Маралдуу борчук жерлерден.
Катмардуу бийик тоолордон,
Капчыгай терең коолордон.
Адамдын буту баспаган,
Арсагай бийик аскадан

Бутунда торпок самсаалап,
Бүркүттүн көзү канталап,
Талыкшыйт ооруйт балтыры.
Канаттын кеткен тамтыгы.
Алдында бийик шиш чоку,
Ар дайым кончу жер болчу.
Ошого конду бүркүтүң,
Желер бекен жем кишиң.

Кыймылсыз жатат Баркалбас,
Кыйналат ойлоп кыял мас:
Шиш чокудан куласам,
Калабы менде сайда сан.
Ажалым жеткен экен дейт.
Аман соо кантип кетем дейт.
«Ажалга моюн сунбагын.
Азамат болсоң муңбагын.
Эр жигит бол деп ары бар»,
Айтуучу эле карылар.
Кой чымырканып көрөйүн,
Чымчыктан кантип өлөйүн!»
Баркалбас шиштей чокуда,
Тартылып тагдыр сотуна.
Басылды мууну калчылдап,
Кайраттанды алчындап.
Эс алды бүркүт олтуруп,
Балтырын күчкө толтуруп.
Кабагын салып ормоңдоп,
Алп канатын ал комдоп
Балдарын ойлоп тынч албайт,
Балтырын созуп кумсандайт.

Чеңгелдеп учуп жөнөдү,
Ченемсиз бүркүт өнөрү.

Баш жагы булут оронгон,
Аягы сууга торолгон.
Белине арча курчанган,
Беттерин кээде нур чалган,
Жалама зоого жан барбас,
Саландап келди Баркалбас.
Килейген үңкүр уясы,
Кишилер жетпес кыязы.
Торпокту бүркүт таштады,
Балдары жулка баштады.
Уяда эки балапан,
Ушуну күткөн баятан.
Кыймылсыз жатат «торпогу».
Кырк уруу жандын «коркогу».

3

Какшаалдын кара барчыны,
Жаңыртып тоону шаңшыды.
Балдары балким түшүнөт,
Айтабы минтип ким билет:
«Түп атабыз муз мурут.
Түнөгөн жери боз булут.

Бул өңдүү үңкүр зоодо жок,
Тогуз жыл жүрсөң, тоодо жок.
Муз мурут салган ойноосун,

Буй кылып бүтүн ой, тоосун.
Алар, башка жакка ооганбы,
Ааламда кимдер соо калды.

Ала-Тоо, Алтай, Какшаалды,
Ким тороит биздей көкжаалды.
Чабыттап барып чалабыз.
Чамынсак жолборс алабыз.
Текөөрү темир балдарым,
Текебер жакка барбагын.
Жандыгын аяп бул жердин,
Жалдырап турса тийбеймин.
Өзөндө суурлар аңкуштап,
Өзүмдөн качпайт алкыштап.
Жолобойт башка бүркүттөр,
Жорулар болбойт үмүткөр.
Ээн эркин биздин чөйрөбүз,
Эси жок жандан өйдөбүз.
Кайберен менен илбээсин,
Капарсыз өсүп миңдесин.
Сайрандап өсө берсин дейм,
Сакталган бизге жемсиң дейм.
Тоорубай суудан сууну аттап,
Тоолордон аштым кабаттап.
Адамдын алдым торпогун.
Адамдан гана коркомун.

Адамдар бизден акылдуу,
Бүркүттү салып кылат уу.
Талашып биздин напсини,
Тайганды коштоп таң күнү.

Ал эмес атып кийикти,
Терисин сыйрып кийишти.
Маралдын баарын үйрөтүп,
Мааратып айдап, сүйлөшүп.
Бугуну багып уй кылды,
Куланды минип буй кылды.
Токтобой тоодон тоолорго,
Жай, кышы көчүп конорго,
Жайлоонун баарын ээледи.
Жандыктын баарын мээледи.
Ит, кушту багып аң кылды.
Илбээсин кийик алдырды.
Сак болуш керек адамдан.
Бизди, жеңалбайт башка жан
андан».

Тарбаңдайт эки балапан,
Талоонго түшүп бала таң.
Шаңкылдап бүркүт шаңшыса,
Жаткансыйт ырдап жаңкыча,

Баланын эки көзү анда,
Барчының албайт назарга.
Терисин жыра бир серпип,
Ачуусу келет көрсөтүп,
«Бар болсо башы, көзүңөр.
Жегиле жарып өзүңөр».
Дегендей болуп дем берип,
Тирилеп жаткан өңдөнүп,
Жөнөдү учуп бир жакка,
Билгенин өзү кылмакка.

Ичи адам, тышы торпокту,
Торпокко булар ортокпу,
Жулмалайт эки балапан,
Жуткучтун өзү карасаң.
Териден чыгып кызыл эт,
Теминип тартса үзүлөт.
Чыгарды дагы бир жилик,
Чырылдайт экөө биригип.
Укмушту мындай көрбөгөн,
Устукан жилик жем жеген.

Кабыгын таштап жыландай,
Суурулуп чыкты туралбай,
Торпокту экөө тойлоду,
Соо калып, бала сойлоду.
Үңкүрдүн ичи үйдөн чоң,
Бүркүттүн жайы оболтон.
Келалбайт ага башка жан,
Бирине бири таштаган.
Мүйүздүн анда кени бар,
Кылымдар алган деми бар.
Чачылып кууран сөөктөрү,
Чак түштө бирдей түш, өңү.

Мүйүзүн таап текенин,
Тоңкорун таштын кесегин,
Үңкүрдөн үңкүр казылды.
Үй кылып бала жашынды.
Мүйүздөн далдаа жасады,
Адамдан амал качабы.

Күүгүм талаш, күн бата
Абаны жарып шуулдата
Асмандын алпы чоң тойгон,
Үңкүргө конду үн ката.
Уясы кадим чамгарак,
Канаты кетик калдаят.
Балдары жакын ыкташты,
Баатырлар кенен укташты.

Кыргыздын ошол доорунда,
Кылычтай зоонун боорунда;
Бүркүттөр менен бир түнөп,
Бүткөн бой кээде дүркүрөп;
Адамзаттын тукуму,
Уктап жаткан учуру.

* * *

Далай таң атты, күн батты,
Далай жол күн, түн алмашты.
Айланып айлар жаңырды,
Азамат кылды сабырды.
Далай жол зоодон шаңшыды,
Канаты кетик барчыны.
Далай жол канат сермеди,
Айбанат анын эрмеги.

Асмандан түшүп аш келбейт.
Тырмагы күндө бош келбейт.
Барын алып бул барчын,
Базар кылды уясын.

Баргандан баштап Баркалбас,
Батылдык кылды байкалбас.
Бүркүттүн тилин үйрөндү,
Бүкчүңдөп иштеп күймөлдү.
Бир кетсе кетик оболоп,
Жарым күн, бир күн жоголот.
Үйрөндү бала барчындар,
Үндөрүн салып эркулдар.
Дос болду моюн алышкан.
Үңкүрдөн үчөө табышкан.
Үндөккө келет токтоосуз,
Байлады бала ноктоосуз.

Бөрүнүн тарпын чыргалайт,
Бөртүп жеп экөө тырмалайт.
Бир бирин жакшы билишти,
Бир боордой жыты сиңишти.
Аягы ача, жумур баш,
Үңкүрдөн чыгат үлүл баш.
Делдеңдеп ала канаты,
Телинген экөө адаты.
Көрүнсө кетик канатка,
Ажалы жетер заматта.
Карааның көрсө жашынат,
Амалы күндө ашынат.
Куржуну эбак бош калган,
Курсагы эбак ач калган.
Табылбас тамак аскадан.
Өлөбү бала ачкадан.
Кара зоо бийик жалама,
Жол бербейт байкуш балага.

Жууратын берген байы жок,
Жукарбай турган сайы жок.
Таш: кумдар тамак болобу,
Тарп аңдып жеген оңобу.
Кийиктин тилип эттерин,
Таштарга жайып таап эбин,
Камдады күндө жээр жемин.
Калчудай жаны пенденин.

Кургаган эти куржунда,
Кубат, ал кирди кургурга.
Терисин ийлеп текенин,
Кайыштын тилди неченин.
Катуулап күндө жеп камын,
Камдаган кайыш арканын.
Кандайча бала суу ичет,
Катырган желин көнөчөк.
Алдында зоонун суу агат,
Арканы менен суу алат.

Эликтин эти суусатат,
Улардын эти уктатат.
Текенин эти тердетет,
Тешиги үңкүр желдетет.
Суусуну сууга кангандай,
Жашоонун оту жангандай,
Бетине кызыл жүгүрдү.
Бечара жеңин түрүндү.
Чыйратып алды тарамыш,
Чыйрак го жетим баланыз.

Балээ го деймин бала эмес,
Чынында бала ал эмес.
Он жети деген оңойбу,
Тар келип тону чолойду.
Шымы жок баса, шыр буттан,
Балапан чапчып ыргыткан.
Терини колдон талашып,
Тең ата болуп камашып,
Кетирет кээде айласын,
Байкагын сөздүн майдасын.
Түрү бар киши кийиктей,
Ою бар жылдыз бийиктей.

Аскага жанды бычагын,
Адамдын көрчү жышанын.
Жасады сөөктөн темене,
Билгенге үңкүр кен эле.
Жасады үшкү, шибеге,
Жалдыраш кайда бирөөгө.
Үңкүрдүн ичи үйүлгөн,
Казына байлык тим эле.
Ийлеген тери былбырап,
Жасады жаргак шым курап.
Жап жаңы кайыш чокою,
Жарашып калды зыңгырап.

Текенин ийлеп мойногун,
Кош мээлей жасап койгонун.
Томого тиккен томпойтуп,
Кондуруп алат компойтуп.

* * *

Тең өсүп эки балапан,
Темнии калды карасаң.
Балапан жүнүн таптады.
Балдактап уча баштады.
Күбүлүп түштү ак күбү,
Кубулуп чыкты куш жүнү.
Баркалбас күндө маштады,
Жаңыртып жапан асканы.
Зоодон зоого кайкышат,
Зоок кылып кайтышат.

Кагылса кетик канаты,
Кайрылбас бүркүт адаты.
Камылгам эми бүттү деп,
Камыгып жаным түттү деп.
Каалаган мезгил жетти деп,
Кара зоо бетин өпкүлөп,
Бере көр эми кудай деп,
Колдой көр энем умай деп,
Өз боюн өзү токтотуп,
Үңкүрү менен коштошуп,
Арканга боюн арчындап,
Шашкандан мууну калчылдап,
Эки учун кайыш аркандын,
Бутуна эки барчындын
Байлады күрмөп бекемдеп,
Батырак жерге жетем деп.
Учурду эки барчынды.

Барчындар көккө талпынды.
Калдактап учуп асманда,
Көнбөгөн мындай дастанга,
Барчындар чочуп аландайт,
Баркалбас төмөн саландайт.
Парашют кылып бүркүттү,
Үрөйүн жандын үркүттү.
Алдында албуут кашка суу,
Титирейт тийген аскасы.
Уламдан улам төмөндөп,
Үчөө тең барат өлөм деп.
Балтырын созот барчындар,
Баланы тартып терең шар,
Бетине бермет чачырап,
Кирген суу киши чакырат.

Бакырбай бала чыдады,
Ажалын суудан кылабы.
Агызган бойдон жинди суу,
Аңгекке башын тыгабы.
Үчөөнү бирдей агызып,
Үмүттүн шагы сынабы.
Көк тиреп калың карагай,
Үчөөнү жан деп санабай,
Калкалап суунун кашатын,
Тургансыйт карап табалай:

«Куштардын алпы сен болсоң,
Куурайдын алпы мен болом,
Жырткычтын алпы сен болсоң,

Жыгачтын алпы мен болом.
Чымчыктын алпы сен болсоң,
Чырпыктын алпы мен болом.
Карагай деген көп элбиз,
Кара зоо менен тең болом.»
Дегенсип баары менменсип,
Кылымды кыйла жеңгенсип.
Кыймылдап койбойт карагай,
Кыйналган жанга карабай.
Буйрукка жигит багынды,
Буттары сууга малынды.
Көзүнө жаны көрүндү,
Көкөлөп куштар теминди.
Агымдар менен жарышып,
Кашатты көздөй карышып,
Түңүлбөй канат каккылап,
Түшүшкөн жери аткулак.

Канатын жазган жыя албай,
Калдайып жерге сыя албай.
Барчындар жатат далдайып,
Баркалбас жатат саргайып.
Жүрөгү түшүп калганбы,
Тирүүсү чынбы, жалганбы.
Эстерин жыйды далайда,
Баарынан кыйын жан айла.
Кубанчын айтпа чени жок,
Куураган үңкүр эми жок.
Этектеп эки барчынды,
Эл-журтун көздөй талпынды.

4

Торпокчу бала Баркалбас,
Тоо жүрөк экен жалтанбас.
Барыптыр жерге баруучу,
Барчынды жазбай таанычу:
«Дем кылган жетет булутка,
Дегенсиң ата унутпа.»
Ачышып кенен эшигин,
Аянбай берип кешигин,
Кеденден кемпир кубанат,
Кымылдап кызы суу алат.
Кутумбет байдан бай болду,
Кубанып түндөн ойгонду.
Туурларын коюп тууралап,
Барчындар катар суналат.

Карыя көөнү карк болуп,
Кадимкидей оштонуп;
Экөөлөп багып экөөнү,
Темирдей болду текөөрү,
Алмак-салмак тапташты,
Кара баш карап, ак башты.
Айтканын кылып үйрөндү.
Унутуп башка дүйнөңдү.
Күнүгө бирин салышты,
Сырдана болуп калышты.
Кол бала болуп Баркалбас,
Жыл маалы болуп өттү жаш.

Жайылып жармач дасторкон,
Кутумбет тамак ичкен соң:
— Биринен бири калышпайт,
Кандай дейсиң?— деп, сурайт.
— Кандай дейин атаке,
Бирдей эмес бул экөө.
Үңкүрдөн дагы кичүүсү,
Биринчи келген үндөкө.
Кичирээги эң кырааң,
Кыйын учат чоңунан. —
— Байкапсың туура балам — дейт.
Кулак сал эми маган — дейт.
Уянын чоңу улук го,
Укмуштай сөөгү тунук го.
Мурдунан бир тал кыл чыккан,
Жырып чыккан жылчыктан.
Көргөндүн алган барысын,
«Көңөлүү сыргак» так ушул.
Сабырдуу, токтоо, кыраакы,
Жырткычтын чыгат чыласы.
Майдага барбайт тоготуп,
Күйүгүп күчүн жоготуп.
Үңүлүп карап олоет,
Үч жылга чейин чоңоет.
Чоңойсо көтөрө албайсың,
Чокойчон күндө салбайсың.
Бошотуп коё берели,
Болот го бизге береги.
Тукуму курут болбосун,
Таап алат өзү жолдошун.
Балапан басып чыгарсын,

Асмандын куту булар чын.
Жетишет бизге береги,
Жаныңа тиет кереги.
Уянын кыраан чыбысы,
Самсаалап турат ырысы.
Салмагы оор коргошун,
Табытын тапсаң жолдошуң.
Жогдору кызыл, жоон билек,
Желкеде бир тал жүнү көк.
«Көсөө куйрук көк жал» деп,
Көсөмдөр айтчу эр жүрөк,
Так ушул өзү турбайбы,
Чыгарбайт колдон мындайды.
Табына келсе ышкылуу,
Ташка тийген чычкылуу,
Тап бергенден жазбаган,
Тааныптырсың аз балам.
Теңкелбейт ийри тумшуктуу,
Намыскөй найза, мылтыктуу.
Кандай дейсиң Баркалбас,
Керким кес да, балтам бас.
Деп сүйлөдү Кутумбет,
Менин оюм ушул деп.
Эмне дээрин билалбай,
Бүркүттү карайт кыялбай!
Кыйналды бала, кысталды,
Жок болуп жообу кыскарды.
Жанынан кечип апкелген,
Жаздым болбой аз жерден.
Чекеден чыгып муздак тер,
Мун үчүн тардай асман жер.

Кемпири, кызы таң калат.
Кутумбет үчөөн бир карап:
— Тил алгын балам коё бер.
Кар кылбайт бизди кара жер.
Жеринде адам жеткелең,
Куштардын доору көк менен.
Эркинче пардап эргисин,
Чардасын чалып жер жүзүн.
Чын болсо жакшы көргөнүң,
Чыргайын ташта пенденин.
Бозортуп туткун кылганча,
Артык го коё бергениң.

Кыйналып турат окшойсуң,
Кызарып күйгөн оттойсуң.
Тилегим аппак, тилимди ал,
Тил алган үчүн кызымды ал.
Жалгыз кызым Жаркыным,
Менин жок андан артыгым.
Күйөө эмес, күйөр бала бол.
Ойлосом ошол гана жол. —
Муруту түктүү муңбаган,
Муюшуп сөзүн тыңдаган:
— Рахмат ата, макул — дейт,—
Сөзүңө тартуу башым — дейт.
— Кондургун анда барчынды,
Ээрчитип алгын Жаркынды.
Чоң кырга чыгып коё бер.
Олутун табат оён эр.
Бүлөңдү бүркүт колдосун,
Бүдөмүк иштер болбосун. —

Жаркылдап Жаркын беш көкүл,
Жапырып тоонун көрпөсүн.
Ээрчишип бара жатышат,
Отторун көздөр чачышат.

Барчыны менен достошту,
Бактылуу бар деп коштошту.
Шамалдуу кырга келишти,
Учуруп коё беришти.
— Биз дагы эркин учалы,—
— Так ушул бүркүт мисалы. —
Жигиттин сөзүн кыз улап,
Кучакка кучак кысылат.

Келгенде айтат Кутумбет,
Олтурбай балан-түкүн деп:
— Сен уулум — бала барчыным,
Сен кызым — жаздай жаркыным.
Кээ бирөөнүн жары жок.
Кээ бирөөнүн ары жок.
Ары жоктун бары жок.
Баш кошуп баар тапкыла.
Байчечекей ачкыла. —
Баркалбас, Жаркын тиктешет,
Купуя гана куп дешет.
Кулдук урат эки жаш,
Кутумбетке ийип баш.
Эркечин сойду Кутумбет,
Эркинче келген кутум деп.
Алачык тигип той кылды,
Адамда жок ой кылды:

Кызымдын, калыңы тоонун кийиги,
Турагы тоонун бийиги.
Кайыштан чокой буттары,
Карашкан көздө куттары.
Билинбей кийим айрыгы,
Бириккен жүрөк — байлыгы.
Тоо таштар — алтын тактысы,
Кармашкан колдо — бактысы.
Жатканы жаман алачык —
Ак сарай болду жарашып.
Бирине бири омоктой,
Биздерге бүгүн жомоктой.

Башынан үйүр бул экөө,
Бир бирин каткан жүрөккө.
Багышкан күндө барчынды,
Баркалбас сүйчү Жаркынды.
Жаркыны болсо жаркылдайт,
Шамдагай тартып шартылдайт.
Бүркүттү кошо тапташкан,
Бүлдүркөн терген Акташтан.
Отунга далай барышкан,
Оюнга далай канышкан.
Ылайык көрүп экөөнү,
Ырайым кылды дааныпман.

5

Кыл куйруктан бири жок,
Кутумбет кургур түгү жок.

Багалчак тартып Баркалбас,
Балтырлуу, белдүү жан талбас.
Көсөө куйрук көк жалды,
Көтөрүп чыгып жөө салды.
Кызыгып эрчип эл келди.
Кырааны улам демденди.

Жаркыны дагы мергенчи,
Жарыша басып желденчү.
Экөөлөп салган капканы,
Элине пайда тапкаңы.
Айылды бүтүн тойгузду,
Ач калганын койгузду.
Кыздарга кундуз кийгизди,
Жигиттин ичин күйгүздү,
Жигитке суусар кийгизди,
Кыздардын ичин күйгүздү.

Айланды Жаркын апага,
Байралды бала-чакага.
Уз болду кыйын ишмекер,
Күйөөсү андан беш бетер.
Куюшкан, жүгөн өргөнү,
Кутумбет аке көргөнү.
Атагын укkан кубанды,
Алгыры бузуп дубанды
Качырса койбойт бөктөрбөй.
Казаны кайнайт бөксөрбөй.
Бүлүктү сала баштады,
Бүркүттүн чыгып таскагы.

«Толкутту тоону жөөсалар.
Томояк көптү бачагар.
Баркалбас басса мал жетпейт,
Балбанга түшсө ал жетпейт.
Каныша болду катыны,
Алабыз аны акыры.
Торпокчу шүмшүк мурдагы.
Тоотуп койбойт бир дагы.
Шыралга бербей уулума,
Кут конду кулдун тууруна.
Кутумбет сынчы кутургур,
Кутурду бүтүн ботугур.
Коюмду күндө ууру алды,
Койчумдун көзү тунарды.
Кыраан куш үйдө кут болот,
Кырсыгы чыгып токтолот.
Бүркүтү бизге ылайык.
Колумда тайган кумайык.
Алпарып бергин бир тайды,
Алдагын момун оопайды».
Чомунбай киши жиберди,
Баркалбас бербей түнөрдү.
Кутумбет болсо кулуйду,
Кааласаң ал деп кара уйду.
Байынын сөзүн кайталап,
Басмырлап кул деп томояк,
Жүдөгөн тайын жетелеп,
Жүгүнтөм сени шашпа деп,
Жин бүркүп байдын жигити,
Үзүлүп кеткен үмүтү.

Кара-Каман, Балгарттан,
Көбөйдү буга көз арткан.
«Көсөө куйрук көк жал» деп,
Айтпаса дагы эл билет.
«Жөөсалар» дешет кай бирөө,
Жөнөкөй эле белгилеп.
Баланча кырдан өтпө деп,
Балгарттын суусун кечпе деп,
Төр жайлоо көздөй баспа деп,
Төбөңдү көрсөк шашпа деп.
Басынтып байлар, «Жакшылар»
Башыңды айра чапчулар.
Кекетет дагы мокотот,
Кептерин качан токтотот.

Көптүрүп оозун келгендер,
Көбүнчө Кыдык, Желденлер.
Бүркүткө бүгүн ээ чыгып,
Эшигин жыртып желгендер.
«Колуңдан — дешет — чыгарба,
Кошуна-колоң мергендер. —
Тоң ашып көлгө көчүп кет,
Таш жалак болсун дерденлер
Кутумбет дагы кубаттайт:
Көл бети өсүп өнгөн жер.
Балыгы көлдө жайнаган,
Баар табат эгин айдаган.
Тоосунда кийик жайнаган,
Токоч жейт эгин айдаган.
Ылайык бала-чакага,
Балдардан башым садага.

Көл боору жакшы жакырга».
Баркалбас көндү акылга.

Бүркүтүн салчу жер тарып,
Жер эмес эле эл тарып,
Эл эмес байлар — ач көздөр,
Куурулду замаа кең тарып.
Баркалбас басар тоосу жок,
Өзөгү күйөт өрт алып.

Кайдасың дешти Ысык-Көл,
Кар баскан Тоңдон ашты бел.
Барышкан жери Ак-Терек,
Башканы сүйлөп не керек.
Арпасын мөндүр кагыптыр,
Аштыгын орбой калыптыр.
Кыштоолор сайын бир түтүн
Кыштак жок анда бир бүтүн.
Коктусу сайын бир түтүн,
Короолор кайда бир бүтүн.
Жакырлар анда сай сайлап,
Жатакта жайдын алты айлап.
Ак-Терек өзөн керилген,
Баркалбас чыгып сеңирден,
Жөөсаларды жеө салат,
Ой менен тоону аңтарат.
Коңур-Өлөң, Алабаш,
Коёнду бүркүт карабас,
Ак-Сайы менен Көк-Сайдан,
Арышын керип кап кайдан,

Кийиктин баарын алдырат,
Кишинин баарын таң кылат.
Кыдырып жүрүп жөө салат,
Кылактап чыкса түлкү алат.
Карышкыр алды каңшытып,
Былк этсе мыкчып жалкытып.
Барчындын көзү чачырап,
Бармагын терең батырат.
Ошентип жылдан жыл өттү,
Баркалбас барчын түлөттү.

Алышкан салып тегирмен,
Ак-Терек суусу элирген.
Коктуда жаткан котур таш,
Колдору менен чегилген.
Кутумбет менен Баркалбас,
Куру эмес эгин-тегинден.
Наадандар нанга зар эле,
Напсисин тилеп теңирден.
Барчыны менен Баркалбас,
Канатын кагып теминген.

Барчын аты жоголду,
Башка, сөзгө тоголду.
Ар дайым аны жөө салып,
Жөө салар болуп атагып,
Тескейге даңкы таралды,
Текөөрү илди маралды.
Кундуюп кирсе жөөсалар,
Кубанып адам эс алар.

6.

Айтылуу көлдүн башында,
Иш болду келбес акылга.
Ак-Терек көздөй ат кетти,
Алакандай кат кетти.
Жакшылар жарга кыстады,
Баркалбас башын муштады.
Бүлүктү салган жөөсалар,
Бүркүттү элдин ээси алар.
Кадырын салып карандай,
Суратып алды Боронбай.

Көсөө куйрук ой-тоодон,
Көздөгөнүн койбогон,
Келгени көлдүн башына,
Кез болгон өңдүү касына,
Үндөккө келбей үңкүйдү.
Кабагын Боронбай түйдү.
Түлкүгө салса барбады,
Түк эчтеке албады.
Шилтеген жакка барган жок,
Ал эмес коён алган жок.
Качканын көрсө кашкулак,
Бараткан өңдүү ташкулап,
Канатын серпип койчу эмес,
Бүркүтчү болуп кеңкелес.

Бүркүткө дабаа табалбай,
Бүлүктү салды Боронбай.
Мүнүшкөр, аңчы жыйналды,

Мүшкүлүн таппай кыйналды.
Билгиле десе билалбайт.
Бирөөнө бүркүт тилалбайт.
Олтура берди туурунда,
Ысык жай, кыштын суугунда.

* * *

Арадан төрт жыл акканда,
Арпа орулуп жатканда,
Атайы келдүн башынан,
Ат коштоп келди бир адам.
Жиберген аны Боронбай.
Бүркүткө дабаа болалбай:
— Кутумбет келип кетсин—дейт,—
Купуя сырын чечсин дейт.
Төшөктө жаткан Кутумбет,
— Барбы—дейт балдар акырет?—
— Эгерде болсо акырет,
Боронбай көрдө өкүрөт.
Төрт жылы байлап барчынды,
Асмандын алпын кор кылды.
Көсөө куйрук көк жалдын,
Көктүгүн эми баамдадым.
Баркалбас мени танды деп,
Бирөөгө берип салды деп,
Барбаса такыр башкага,
Таарынган экен ташкара.
Ээсине эми бербесе,
Боронбай болот маскара.
Алтын ээр, ак кабак.

Атка тынчы жок болсо,
Алтынын алып отко жак.
Аяшар тууган болбосо,
Акырын сүйлөп жатка жак.
Атына минип бара бер,
Менин баруучу жерим башка жак.

Күмүш ээр ак кабак,
Күлүккө тынчы жок болсо,
Күмүшүн алып отко жак.
Күйүшөр тууган жок болсо,
Күлө сүйлөп жатка жак.
Күлүгүн минип бара бер,
Менин күтүнгөн жерим башка жак.
Үнүңдү таанып саа келет,
Башкасын айтып не керек.
Көрүмдү каздыр эртерээк,
Мен эмес, ханга сен керек.
Көөмп коюп, мени барып кел,
Барчынды берсе алып кел.
Баркалбас болсоң байлап бел.
Барскоон, Тамга чендерде.
Жолуккун Корош мергенге.
Короштон кардың тоюнат,
Жолуңдан кырсык жоюлат.
Күнөстү күңгөй жердиги,
Бүтөлгөн эмес тердиги.
Аңчылык менен күн көргөн,
Ага жок сынчы тең келген.
Кутумбет досуң өлдү де,
Жүз жаштын жүзүн көрдү де.

Бүтүрдү сөзүн Кутумбет,
Жүрөгү сокпой дүкүлдөп.
Түндүктөн тиктеп асманды.
Түбөлүк кетер баштанды.
Айтканы: «Кай-ран бүр-күт-төр!»
Атаны кайран мүнүшкөр!
Токсондун жашап тогузун,
Токтотту эми добушун.

* * *

Минген соң хандын атына,
Барган соң көлдүн башына,
Кутумбет сынчы айтканын,
Айтып туруп кайтканын,
Баркалбас берди баяндап.
Боронбай укту аярлап.
«Шилтеген жакка барбаса,
Жей турган жемин албаса,
Үйүңдө төрт жыл олтурса,
Үндөккө келбей ант урса.
Таарынган мага ташкара,
Баш бербейт эми башкага.
Бир тууган болуп калганбыз,
Бир жатып чогуу аскада.
Өзгөгө барбай жөөсалар,
Өзөөрүп өлөт ачкада.
Карап тур ханым жебей кам,
Үйүңдөн үч жол кыйкырам.
Биринчи кыйкырганымда,

Каранып эки жагына,
Силкинип боюн түзөнөр,
Бүркүткө бүткөн жүз өнөр.
Экинчи үнүм чыкканда,
Тумшугун жанып тууруна,
Даярданар учканга,
Үчүнчү кыйкырганымда,
Түшүрүп боюн жалынга,
Эшиктен учуп чыгаар ал,
Көрүүгө мени кумар ал.
Калганын көрө жатарбыз,
Калп айтпас кара сакалбыз.
Бошотуп узун боосунан,
Боз үйдүн, бүркүт отурган,
Эшигин түрүп койгула,
Деген экен жай гана.

Башка үйдөн туруп Баркалбас,
Хандан, бектен калтарбас,
Үч жолу жерди жаңыртып,
Кыйкырды мээни жарылтып.
Аңгыча үйдөн Жөөсалар.
Шып этип учуп чыкты шар.
Асманга чыкты оболоп,
А балким качып жоголот.
Бир маалда тике сайылып,
Шукшуруп канат кайырып,
Көөкөрдөй болуп күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп.
Так Баркалбастын жанына,
Барчыны конду момуна.

Далай жол экөө чер жазган,
Туташкан далай жер асман.
Сүрөгөн өңдүү баатырды,
Кыйкырган далай барчынды.
Жаңырткан далай кулагын,
Кулакка сиңген үнү анын

Кал десе ээси калган жок,
Кармады бир ай арман жок.
Экөөнөн бирдей түңүлдү,
Эч кимге бүркүт барган жок.
«Көктүгүн көрчү кылган деп,
Мелтейип менде турганда,
Данеме чыкпайт мындан» деп,
Аныктап көзү жеткен соң,
Купуя сырын чечкен соң,
Кутумбет айткан кептен соң,
Боронбай берет кайтарып,
Барчыны балбан колунда.
Баркалбас кетет кайта алып.

7.

Жөөсалар менен жөө келет.
Бүркүтү төштүү төгөрөк.
Барскоон чаты баткалда,
Баркалбас желе басканда,
Жеткирбес чабал аттарга.
Алдынан чыкты бир адам,
Артынып жолборс байланган,

Шылуундай бүркүт колунда,
Шыйрактуу мылтык жонунда.
Барчынды карап үңүлөт,
Байкагыч түрү билинет:
— Бул көсөө куйрук көк жалды,
Таптың—деп, кайдан—таң калды.
Баркалбас оңой сынчы эмес,
Башына келди бир элес:
— Ак көздү колго кондурган,
Жолунан жолборс алдырган,
Жолуккан жанды таң кылган.
Канжыгасын кан кылган.
Бүтөлбөгөн тердиги,
Күнөстүү күнгөй жердиги,
Сиз Корош болуп жүрбөңүз?—
— Корошмун—деди берки түз. —
«Сөздөрү куду Кутумбет,
Баркалбас балким ушул» деп,
Тиктешип калды бир саамга,
Тил катты минтип карт анда:
— Бутуңду чечип көрсөтчү.
Буйдалбай чечип көрсөттү.
— Жыңайлак өскөн чор таман.
Бут эмес эзел жыргаган.
Кие бер эми чокойду,
Азаматым — деп койду. —
Келатсаң көлдүн башынан,
Кейинип ичиң ачыган,
Басканың аттан эмес кем,
Баркалбас турбайсыңбы сен. —
— Билесиз мени кайдан — дейт. —

— Билбеген сени айбан — дейт. —
Каттаган элден көп уккам,
Аскадан алды деп уккам.
Жөөсалар ушул турбайбы,
Билбесем теңир урбайбы.

Кутумбет кулап кетти деп,
Түбүнө кайгы жетти деп,
Жарыктык жаштан танды деп,
Баркалбас ханга барды деп.
Калпы, чыны белгисиз,
Кайрылып үйгө келгисиз.
Дейт деген имиш уккамын.
Ичимден тынып буккамын.
Бейиши болгон Кутумбет,
Атамдан бери бүт билет.
Бүркүттүн он төрт түрү бар,
Ошонун барын куп билет.
Балгартта чогуу жүргөмүн,
Алгамын далай өрнөгүн.
Кичине кызы бар эле,
Ошондо мендей чал эле.
Мен анда кара сакалдуу,
Болчумун так сен катардуу.

Биринчи билип ысмымды,
Ак көз деп кара кушумду,
Жаңылбай сынап атын таап,
Сен жеңдиң мени азамат.
Кыйындан артык кыйын бар,

Төп болсоң төгөр сыйым бар.
Ашкере сынчы, аңчылар,
Адамдан асыл тамчылар,
Ошентип оңой тааныштым,
Ээрчишип үйгө барыштым.
Кызыл чаар кунан жолборсту,
Терисин сыйрып оңдоштум.
Алайдан алган Аккөздү,
Аңдарга тойбос ач көздү,
Түбүнөн айтып түшүнтүп,
Ашырбай кайра кичиртип,
Коңур үн Корош сүйлөдү,
Колуңа салып дүйнөнү.

«Барскоон сайын өрдөсөң,
Көрөрсүң бир күн өлбөсөң,
Таарынды деген жер болот,
Карагай кескен бир колот,
Карагай түбү таарылган,
Калгандай канча жүз жылдан,
Бирдеме качты кызыл чаар,
Жутунуп калды бачагар.
Коё берип чаап барсам,
Алыптыр арткы шыйрактан.
Четинге камтый кармаптыр,
Башына буту барбаптыр.
Тоң моюн жолборс таш катат,
Бадалга суңгуп баш катат.
Бычакты сунуп имердим,
Курсагын жарып жибердим.
Кичирээк жолборс карасам,

Чоңунан барбы аласам.
Экиден өтүп үч жашка,
Келиптир азуу санасам».
Алдырып жолборс тайкунан,
Аккочкор сойду «айбынан».
Келгендерге кеп айтпай,
Жөөсалар ушул деп айтпай,
Арадан үч күн өткөн жок,
Баркалбасты ат, тондоп,
«Куланып кетсе Кутумбет,
Барбачу байкуш белем деп;
Жолборстун алып терисин,
Көз көрсөтүп келем» деп.
Кошулуп Корош жөнөдү.
Кой деген сөзгө көнөбү.

* * *

Жол тартып Корош теминет:
Жол кыскарт балам эми деп.
Баркалбас сүйлөйт шашылбай,
Бүркүтү зындан ташындай:
Күчүнө салып Боронбай,
Күйгүзүп кармап жоон бир ай.
Кыздардын тандап сулуусун,
Келиндин ал деп дурусун;
Алдаган далай сөз менен,
Алтынын берип бөз менен
Бүркүтчү болгун мага деп,

Кылбагын элге таба деп.
Же көчүрүп кел деп үйүңдү,
Көпкөндөр камчы үйүрдү.

Эч нерсе чыкпай баарынан,
Калтайбай хандын каарынан;
Жаркынын кыйбай жаны ынак,
Балдарын кыйбай баары ынак;
Бозоргон адыр Ак-Терек,
Бар-Булак менен Шор-Булак.
Бозосун салган таруудан,
Ботугур элин сагынат.
Көктүгүн кылса Жөөсалар,
Бектигин кылат намыс, ар.
Баш ийбей такыр Баркалбас,
Олтура берди болуп таш.
Бутунда кишен карышкан,
Бугулар байлап салышкан.
«Бүркүттөн дагы бул көкпү».
Түңүлүп айтып бул кепти,
Боронбай элден чочулап,
Бошотуп ийип отурат.

Жакалап жашыл көл жээгин,
Эки адам бүтпөйт маегин.
Узун жолду кыскартат,
Уккандын көөнүн жашартат.
Байлык го сөздүн мыктысы,
Мыктыдан болсо укчусу.

8.

Ак-Терек өрдөп түшкө маал,
Өкүрүп түштү Корош чал.
Баркалбас менен Жөөсалар,
Баардашты эне-аталар.
Жаркыны жашын төгүштү,
Моюнун салып көрүштү.
Ботугур бүтүн көрүштү,
Бозосун артып келишти.
Келгендер куру келген жок,
Келиндер арпа нан ороп.
Ызааттап досун Короштой,
Жүздөгү чалдын кыркы той.

Жөөсалар менен атасы,
Бактылуу бала чакасы.
Кубаныч менен айкашты.
Кутумбет карттын асасы.

Баркалбас салат тегирмен,
Барабан тынбай элирген.
Төрүндө жолборс илинген.
Төркүнү кайда билинген.
Корош да бир топ эс алды,
Кондуруп кабак ачарды.
«Ак көздү бакчу агам бар,
Ал жакка болбойм санаадар.
Тапта — дейт — кайра бир топко,
Тарта бер жемди соргокко.
Учуруп кактым, соктум кыл,
Болуптур эти эң дыңгыл.

Каржалтып кайра таптагын,
Көрүп ал анан таскагын».
Тапташып Корош талган жок,
Күдүгү ойдо калган жок.
Жөөсалар келди табына.
Жүрөгү батпай кабына.
Баркалбас менен баласы,
Кошулуп Корош абасы,
Алыска чыкты ат коштоп,
Ашууга жете бир токтоп.
Арчага түнөп жумалап,
Аскадан кийик кубалап,
Жумадан жума уланат.
Жулунду бүркүт сугалак.
Кабылан менен карсакты,
Азуусу бычак арсакты,
Жабагы тайдай көк жалды,
Жалтанбай барып кол салды.
Тумшугун туура кармады.
Туйлатып оозун кандады.
Олтурып зоода эс алат.
Оңуна келсе теке алат.
Кызыкка баткан Корош чал,
Айлына кайдан кете алат.

Жанында бала мергенчи,
Жаңылык укса желденчү.
Ак көздүн атын укkан соң,
Кызыгып сурайт Короштон:
— Абаке, Жөөсалар менен Ак
көздүн,

Кимиси кыйын экөөнүн?—
— Бул Жөөсалар өңдөнгөн,
Буудайык эле болбосо,
Бүркүт жок го тең келген.
Жолборс алды дебесе,
Ак көз — алабы буга теңеше.
Жолборстун ырас жолу улук,
Алганы ырас жолугуп.

Кезикпейт оңой менен ал,
Жөн эле алат Жөөсалар.
Жетилип бүткөн курагы,
Кутулбайт такыр кууганы.
Буулугуп калган түрү бар,
Алпкара куштай сүрү бар. —
Олжо-буйла көп болду,
Айтып бүткүс кеп болду.
Ат көтөргүс жүк болду.
Айтканы болду айткандай,
Корош да болду кайткандай.

Бүркүттүн даңкы таш жарды,
Эрдиги кайра башталды.
Ого бетер көгөрдү,
Сала берди өнөрдү.
Күүлөнүп шаңшып күч алат,
Күнчүлүк жерге көз салат.
Шаңшыган анын адаты,
Шаңданат каккан канаты.
Көздөгөн жерге бир тиет,
Кармаган жаны кан сиет.

Кара кулак шер алды,
Мааратып алды маралды.
Кондуруп кабак ачарды,
Баркалбас кайра жашарды.
Жаркылдап Жаркын байбиче,
Жаш бойдон дешет эмгиче.
Бул окуя болгон иш,
Жок экенбиз анда биз.

Бүркүттөр куштун алпы экен.
Бүлүктү салар салты экен.
Түлкүлөр жандын куусу экен,
Түбөлүк анын уусу экен.
Карышкыр анын жеми экен,
Кандарын төгүш эп экен,
Жеңилбес бүркүт эр экен.
Жер бети ага кен экен.
Ар, намыс анын досу экен.
Арам ой анын касы экен.

ЭПИЛОГ

Декада, Бега[1], Москва
Алгыр куш, күлүк ат мына.
Арадан өткөн бир кылым,
Адымдап өскөн кыргызың.

Бега[1] — 1958-жылда Москвадагы Бега ипподромунда кыргыздын өнөрү көрсөтүлгөн.

Тигилген катар боз үйлөр,
Тил безеп чечен кеп сүйлөр,
Чалагыз чалып комузун,
Бүркүттүн айтат согушун.
Саякбай, Карамолдо бар.
Салдырчу чыгаан жорго бар.
Булар да кыйын мүнүшкөр,
Адамдан чыккан күлүктөр.
Манасы менен күүлөрү,
Дүңгүрөткөн дүйнөнү.
Ошолор менен бир жүрдүм.
Миң күндүк — баасы он күндүн.

Өнөрүн кыргыз өргө чаап,
Айтышты борбор: ракмат!
Эр эңиш, улак тартышты
Көргөндөр алкыш айтышты.
Кызыкка терең батышат,
Ал эмес оозун ачышат.

Чалагыз шумкар салганда,
Тоодакты тооктой алганда.
Өөдөдөн алса өрдөктү,
Таң калбай адам көрмөкпү.
Түшүрө тепсе кыргоолду,
Түш көргөн өңдүү сыр болду.
Коёндун белин талкалап,
Атып чыгып кайталап,
Кагынып кара шумкары,
Шумдуктун баарын баштады.
Түлкүнү көрүп түйүлөт,

Силкинип шумкар күбүнөт.
Мүнүшкөр коё бергенде,
Тоотпой түлкү челгенде,
Токмогун башка бир салып,
Толкутту элди, түлкү алып.
Ойлогон эмес ээси да,
Болорун бүгүн мынчалык.
Чарчы бой, чокчо сакалдуу,
Чалагыз акын атамды,
Чалдырып чапкан комузун,
Чыгарып бийик добушун,
Көндүрүп кара шумкарын,
Миндирип тоонун тулпарын,
Булактап кулач куйругу,
Канжыгалап калтарын,
Сүйлөсө тили чеченди,
Тамшанткан таңшып эченди.
Укмуш деп көрүп укмуштан.
Киного тартат туш-туштан.

Берлинден бери келген бар.
Бейилин шумкар жеңген бар.
Союзда биздин жүз улут,
Жүрөктөш бардык элден бар.
Аппарат алып колуна,
Артынан калбай желген бар.
Магнитофон тозушуп,
Маанилүү суроо берген бар.

«Түбүнөн түрүп сурасаң,
Мүнүшкөр экен жети атам,

Атамдын бири Корош дейт,
Мактансам ката болбос дейт,
Бүркүтү алган жолборс дейт.
Маскөөгө келип түлкү алды,
Кара шумкарым харош! дейт.
Аялым орус Нурила,
Баламдын аты Болот дейт.
Ворошилов кайнагам,
Көөнүнө шумкар толот дейт.
Тууган жерим Ысык-Көл,
Тууганым Карамолдокем.
Күңгөй жак — айлым Сөгөттү,
Арашан, курорт сөөлөттүү».

Борбордун тегеретмеси,
Болгондор көбөт өпкөсү,
Келте мурун, кең далы,
Ак чалган кара сакалы,
Баамдап уксаң ушуну,
Баркалбастын тукуму.
Карылуу колдо чоң бүркүт,
Көргөндү жандан түңүлтүп.
Жөн эле коё берет ал,
Аңгыча наспай чегет ал.
Чалгындап учат бүркүтү,
Аңгыча качат түлкүсү.
Серпилтип сегиз найзасын,
Түгөтүп болгон айласын,
Шилиден алып чеңгелдеп,
Сен эмес шерди жеңгем деп,
Көтөрүп учат көй кашка.

Артынан чурап тайкашка.
Кыйкырып жерге түшүрдү.
Кырааны тилин түшүндү.
Климент* өзү кол чабат:
«Ээси деп анык азамат!»
Кишинин баары кол чабат,
Уланып улам салтанат.
Бөрүгө салып алдырды,
Бөлөкчө моокум кандырды.
Аяк, башын куушуруп,
Капшырып оозун кан кылды.
Бүркүттү көрдү бүт дүйнө,
Кубаныч берди кутту үйгө.

Турагы мунун Ак-Терек,
Турмушун айтып не керек.
Өркүндөп өскөн мал-жаны,
Ак сарай, гүлдүү чарбагы.
Миллионер колхозу,
Барынан кенен токочу,
Алдашка барчын бап келген,
Бөрүнү далай бөктөргөн.
Согуштан аман соо кайткан,
Кептери келки түз айткан,
Кыраандын аты «Молор» дейт,
Кышында кууйбуз сонор дейт.
Куштардын билген тилин дейт,
Кутумбет аке пирим дейт.

---

* Климент — Ефремович Ворошилов.

Тагдырдын көрчү калысын,
Таң калам ойлоп барысын.
Мекендин козгоп жүрөгүн,
Мезгилдин билбей алысын,
Баркалбас, Корош балдары,
Борборго кушун салышын!
Булар кенедей көлдөн кезикпей,
Жаңыртып бийик дабышын,
Кезиккен шаары Москва,
Кетирбей колдон намысын.

1978

МАЗМУНУ

Акындын арымы 3
Ленин жолу 7
Нан 9
Кыргыз элим 10
Жаңы жылда жаап келген аппак кар 12
Партбилет 13
Таза болсо 15
Адам деген... 16
Көл жана мен 17
Нарын дайра 18
Улуу чекист Феликс 19
Урабыз беш жылдыктын добулбасын 21
Ленинград 24
Жолунар жок 25
Элди сүй 27

Арафат 28
Мохаммед Али 29
Кыз кыялы 31
Планета мен өзүм 32
Окуймун 33
Балдарым 34
Болот кылыч 35
Бакас ага 37
Курбум 38
Туткабайдын сөзү 39
Не жетсин 40
Ар жагын айтып не керек 41
Жыйырма беш жаш 43
Кырчын 44
Дамира 45
Сүйүү 47
Ысык-Көлдүн ак куусу 48
Катыңа жооп 49
Өмүр кыска 51
Ай баратат 52
Салкын жел 54
Сүйгөнүмө 55
Чолпон 56
Толкун 57
Ак куу 58

Тоос 59
Кара бак 60
Жокеш 61
Аэропорт 63
Залкар 64
Доктор Иса 65
Атама 67
Токой менен балалык 68
Жетигеним 71
Карыялар кеп салат 74
Куплеттер 77
Көл эне 80
Виктор Хара 87
Бүркүт шаңшыйт 108
Карамолдо 122
Эпилог 144
Жөөсалар 148
Эпилог 195

Абдылда Белеков

МОГУЧИЙ БЕРКУТ

СТИХИ И ПОЭМЫ

(На киргизском языке)

Фрунзе. Издательство «Кыргызстан».

Редактор *О. Сулайманов*
Худ. редактор *Г. Половникова*
Тех. редактор *Р. Ревенко*
Корректор *Ж. Исакова*

ИБ № 356

Терүүгө 18. X. 1978-ж. берилди. Басууга 27.-XII. 1978-ж. кол коюлду. Д—01710. Кагазы типографская № 1. Гарнитура «школьная», высокая печать, форматы 84×108$^{1}/_{64}$, 3,188 физ. басма табак, 5,356 шарттуу басма табак, 6,768 учеттук табак. Тиражы 4000. Заказ № 421. Баасы 90 т.

«Кыргызстан» басмасы
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү 170.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин Басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.